manas-discovery.kg

# “Манас” эпосу жана салттуу малчылык



manas-discovery.kg

К.И. СКРЯБИН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК
УНИВЕРСИТЕТИ

БИОМАДАНИЙ АР ТҮРДҮҮЛҮК
БОРБОРУ

# "МАНАС" ЭПОСУ
# ЖАНА
# САЛТТУУ МАЛЧЫЛЫК

Бишкек - 2019

manas-discovery.kg

УДК 398:636
ББК 82.3(2Ки):46
А 37

Айтматов М.Б. – ветеринария илимдеринин доктору, профессор
Ботоканова Г.Т. – философия илимдеринин доктору, профессордун.м.а.
Шералиева А.Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

**Рецензенттер:**

**Ажыбеков А.С.** – айыл чарба илимдеринин доктору, профессор;
**Муратов А.Ж.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор

А 37 **"МАНАС" ЭПОСУ ЖАНА САЛТТУУ МАЛЧЫЛЫК**
/ М.Б.Айтматов, Г.Т Ботоканова, А.Ж. Шералиева.
– Б.: «Кут-Бер», 2019. – 60 б.

ISBN 978-9967-469-81-5

Китеп кыргыздардын кылымдап калыптанып келген билимдеринин негизги бөлүгү болгон малчылык боюнча салттуу билимдерине арналды. Аталган китепчеде салттуу малчылыкты жүргүзүү тууралуу кеп козголуп, "Манас" эпосунан үзүндүлөр менен бекемделип берилди. Бул көрүлүп жаткан аракет аз да болсо кыргыз салттуу маданиятынын кийинки урпактарга сакталып калышына көмөк көрсөтөт.

Китеп К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Биомаданий ар түрдүүлүк борборунун демилгеси менен даярдалды. Китеп жалпы эле кыргыз элинин салттуу маданиятына кызыккандарга арналат жана «Манастаануу» сабагын окутууда окуу курал катары колдонууга болот.

А 3705010000-19

УДК 398:636
ББК 82.3(2Ки):46

ISBN 978-9967-469-81-5

© Автордук коллектив, 2019

# КИРИШҮҮ

Адам баласынын тарыхында көптөгөн цивилизациялардын доору өткөн, ага шайкеш салттуу билимдердин бүтүндөй системасы калыптанган. Көчмөндөр маданияты бүгүнкү күндө да өзүнүн баалуулуктарын жоготпой келет. Биздин ата-бабаларыбыз мезгилдүү, убактылуу көчмөндөр болушкан. Алардын көчмөндүү турмушунда мал чарбачылыгы кылымдар бою калыптанып келген негизги кесибине айланган.

Кыргыздар мекендеген жерлердин табигый шарттары малды жыл бою жайытта кармоого мүмкүнчүлүк берген. Тоолуу жер жана анын климаттык шарты малчылардын жыл бою бир жайыттан, экинчисине мал-жаны менен конуш которуп, көчүп-конуп жүргүзүүсүнө шарт түзгөн.

Мал чарбачылыктын багыты тарыхый шарттарга жараша ар кандай болуп өзгөрүп турган. Жоокерчилик мезгилдеги согуштук аракеттердин тез-тез кайталанышы, баскынчылардын капыстан кирип келиши кыргыздардын жылкыны көбүрөөк санда кармашын шарттаса, бир жерден экинчи жерге из жашырып кетүүдө кой жана төө кыбыр мал катары тоскоолдук жаратканы, аларды аз санда асыроого аргасыз кылган. Бейкут турмушка өтүшү менен кой кармоо биринчи орунга чыгып, кара малдын жана төөнүн саны көбөйө баштаган.

Койлорду жана жылкыларды негизинен кар жатпас күңгөй беттерде кармашкан. Колунда бар оокаттуулары тоолордо мал багуу үчүн койчуларды жана жылкычыларды жалдашкан.

Кышкы жайытта мал жаюу чоң кыйынчылыктар менен коштолгон жана малды аман алып калуу үчүн көп күч-аракет жумшоону талап кылган. Ошол эле мезгилде мал жаюуда жаратылышка аярлык менен мамиле жасоо башкы орунда турган. Мына ошондуктан кышында мал жаюунун жол-жобосу бөтөнчө кылдаттык менен иштелип чыккан. Кар астында калган тоютту өз алдынча тээп оттой албаган жандыктарды жаюу үчүн тоолордун күңгөй беттери пайдаланылган. Жылкылар кар басып калган жерлерди тээп оттошкон. Кар оор түшкөн шартта кар тээп оттоо үчүн адегенде жылкылар, андан соң алардын артынан уй, койлор коё берилген. Жылдын кайсы мезгили болбосун, жайыттарды сарамжалдуу пайдаланууга өзгөчө көңүл бурушкан.

Жаратылышка кылдат, аяр мамиле кылуу жана алардын жемишин коромжусуз, сарамжалдуу пайдалануу, мал багуу, асыроо, аны көбөйтүү, ошондой эле, дарылык касиетке ээ ар кандай чөптөрдүн түрлөрүн өз мезгилинде жыйноо, сактоо, үй жаныбарларын дарылоо тууралуу купуя сырларын, салттуу билимдерин табиятка, айлана-чөйрөгө зыянын келтирбей, муундан-муунга мурас кылып өткөрүп келген. Тилекке каршы, бул билимдердин көпчүлүгү технологиялык жетишкендиктердин күчтүү агымында, маалымат-

manas-discovery.kg

тын сели менен опурталдуу абалга кептелип, жок болуп кетүү коркунучунда турат.

Бүгүнкү даярдалып жаткан бул китеп кыргыздардын кылымдап калыптанып келген салттуу билиминин негизги бир бөлүгү болгон малчылык боюнча салттуу билимдерине арналды. Аталган китепте салттуу малчылыкты жүргүзүү тууралуу кеп козголуп, "Манас" эпосу менен бекемделип берилди. Бул көрүлүп жаткан аракет аз да болсо кыргыз салттуу маданиятынын кийинки урпактарга сакталып калышына көмөк көрсөтөт деген ойдобуз.



## "ТӨРТ ТҮЛҮК"

Кыргыздардын көчмөн турмушунда, жашоосунда негизги байлык катары үй айбандарынын төрт түрү: жылкы, уй, төө, кой-эчки эсептелип келген. Бул кыргыздардын салттуу малчылыгында "төрт түлүк" же "беш түлүк" деген түшүнүк менен берилген. "Төрт түлүктүн" түрлөрүнө жылкы, кой (эчки), ири мүйүздүү бодо (уй, топоз), төөнү киргизишсе, ал эми "беш түлүк" түшүнүгүндө кой менен эчки өзүнчө бөлүнүп каралган. Көчмөн кыргыздар "төрт түлүктөн" жашоо-тиричилигине зарыл болгон пайданы ала алган. Жашоо-шартынын ыңгайына, тиричилик жүргүзүүнүн өзгөчөлүгүнө ылайык төрт түлүктүн түрлөрүн багышкан. Уй, кой-эчкиден эт-сүт азыктарын гана албастан, жүн, тери, ошондой эле, отун катары көң алышкан. Төө – көөлүк-унаа катары кызмат кылган.

Кыргыздар мал жандыктарынын ичинен жылкы жана койду көбүрөөк асырашкан. Уйду анча көп эмес санда багышкан, ал тургай, байлар уйду булганыч жана сасык деп эсептеп, ага анча аяр мамиле кылган эмес. Бирок калктын кедей катмары үчүн уй баласы жашоо кечирүүнүн негизги каражаты болгон. Уйдун жаңы төлүн музоо (ургаачы музоо, эркек музоо), алты айдан ашканын ургаачысын моюнча, эркегин тана, бир жашары – торпок, ургаачысын тай кунаажын, эркегин букачар, эки жашар эркегин оопаз, ургаачысын – кунан кунаажын, үч жашарын – *бышты оопас же өгүз,* ургаачысын – бышты кунаажын, андан аркысы саан уй, асый өгүз, инек өгүз ж.б. деп атаган. Эркегин бир жашында биттешкен. Ургаачысы эки жашынан баштап тукум берүүгө жетилет. Колунда жок кедейлер уйду мингич, унаа катары да пайдаланышкан.

Кочкоруң биттеп ирик кылгын,
Коюңдун баарын түрк кылгын.
Айгырың биттеп ат кылгын,
Жылкыңды шайдоот бат кылгын.
Эркегин битте малыңды,
Өлчөлө качаар чамаңдын
Тилегин тиле балаңдын [4, 70-б.].
...Айгырды биттеп ат кылган,
Алтайдан көчүп кетүүгө
Бул акылды бат кылган.
Кочкорун биттеп ирк кылган,
Койлорун баарын түрк кылган.

manas-discovery.kg

Бураны атан төө кылып,
Алтайда кара калмактын
Жылкысын тийип, жөө кылып,
Букасын бычып, уй кылып,
Аз үйлүү журтту буй кылып [5, 32-б.].

"Манас" эпосунда жай турмуш көрүнүштөрүн сүрөттөгөн окуяларда малдын колдоочусу, пири жөнүндө кеңири кездешет. Мисалы, уйдун пири "Зеңги баба" деп айтылат. Көкөтөйдүн ашында анын төрт түлүк малынын эсепсиз экендиги:

Сыр боюнда салдырган,
Заңги баба мал экен,
Эсеп кылса уйлары,
Эки жүз миң бар экен – деген саптар менен берилген.

Көчмөн кыргыздар бийик тоолуу жерлерге мекендеген топоздорду да асырашкан. Топоз тоолук көчмөндөрдүн чарбасында маанилүү роль ойногон.

Топоз уйдан сырткы көрүнүшү боюнча жүндүүлүгү жана куйругунун узундугу менен айырмаланат. Алар тоолуу жердин муздак абасына ылайыкташып, жылуулукту анча сүйбөйт. Тоютту ылгабай, төрт мезгил бою бийик тоолуу жайыттардан таап жейт. Аларга жырткыч айбандар көп кол салгандыктан, үйүрлөшүп жүрөт жана өздөрүн жакшы коргой алат. Жырткычтар кол салган учурда мамалагын ортого алып, тегеректеп чогулат.

Топоздор абдан күчтүү жана чыдамдуу болуп, колду карабайт. Кар калың түшкөн жайыттарда, кыштын кыраан чилдесинде муюбай оттоп, өз алдынча башка мал бара албаган жерлерде өскөн өтө пайдалуу, дарылык касиетке ээ тоют менен азыктанат.

Топоздун жаңы тууганынын мамалак, бир жаштагысын мамалак, эки жаштагысын топоз же кунаажын, андан ары бышты, асый, эркегин инек же өгүз топоз, ургаачысын тубар топоз же саан топоз деп атаган. Топозду бир жашынан баштап биттеген. Ал көбүнчө эки жашынан тукум бергенге жарап калат.

Төрт түлүк малдын ичинен көчмөндөр үчүн төө өзгөчө мааниге ээ болгон, анткени, ар бир жыл мезгилинде конуш которуу үчүн көчүп-конууда жыйналган боз үйдү жана башка үй буюмдарын жүктөөчү унаа катары пайдаланышкан. Төөнү карoo, багуу көп түйшүк талап кылбагандыктан, көчмөндөр үчүн бул жаныбарды кармоо ыңайлуу болгон. Унаа каражаты катары гана пайдаланылбастан, ошол эле мезгилде төө көчмөндөрдү сүт, эт,



жүн менен камсыз кылып турган. Төөнүн ургаачысы инген, эркегинин тукум улай турганаы – буура, бычылганы – атан, баласы – тайлак, бото деп аталат.

Ойсул-Ата – төөнүн пири, колдоочусу деп айтылат.


Мунарык болуп бурчтанган,
Булгур болуп учтанган
Чоң талаанын бетинен
Медияндын чөлүнөн,
Акбалтанын алдынан
Ойсул-Ата куу каймал,
Акбалтанын төл малы
Каршы чыга калганы [4, 22-б.].

Кызыл куйрук нары бар,
Кыйла төөнүн баары бар.
Ошо төөнүн ичинде
Төө атасы Боз буура,
Төө энеси куу инген
Келериңди билгендир [11, 92-93-бб.].

...Сан кара күтүп эр Жакып,
Төрт түлүгү шай болуп,
Астыңкы ээрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн каркайтып,
Атаны алты сан болуп...[4, 77-б.].

Ойсул ата куу инген
Өркөчүнө каймалдын
Байлап кеткен кези экен..
Ойсул ата куу каймал –
Акбалтанын төл малы
Каршы чыга калганы [3, 383-б.].

manas-discovery.kg



# ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН САЛТТУУ ЫКМАЛАРЫ

Салттуу мал чарбачылыкта кышкы мезгилдерде малды жайыттарга жаюуда жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу ыкмаларына өзгөчө маани берилген. Көпчүлүк учурда койду жана ири мүйүздүү бодо малды жаюу үчүн кар аз түшкөн күнгөй тараптарды пайдаланышкан, анткени, алар кардын астынан тоют таап жегенге жөндөмсүз болушкан. Кар оор түшкөн мезгилдерде жайыттарга биринчи жылкылар коё берилген, жылкылар туягы менен карды тээп башка малга жол ачып берген, жылкынын артынан уй, койлор жайылган.

Салттуу малчылыкта жайыттардын сарамжалдуу пайдаланылышы кыргыздардын географиялык чөйрөнү, жаратылыш-климаттык шартты терең түшүнүүсүнөн жана үй жаныбарларынын табияты тууралуу билиминин мыктылыгынан кабар берет. Мезгилдүү жайыттарды көктөө, жайлоо, күздөө, кыштоо деп бөлүштүрүшү, кыргыздардын өсүмдүктөрдүн өсүү мезгили, анын кыртышы тууралуу жакшы билгендигин күбөлөйт.

Жайлоосу жакын турбайбы,
Жайласа кыргыз тунбайбы.
Кыштоосу жакын турбайбы,
Кыштаса кыпчак тунбайбы [11, 241-б.]

...Үч-Каркыра жерине
Бетеге менен тулаңы
Белен болуп чириптир,
Жылтыркан чөп шыбагы...
...Жалбырагы жаргактай,
Жаткан экен Каркыра
Кара курту бармактай,
Балтырканы билектей,
Маралы үркүп, чуу койсо
Мала кашка инектей.
...Жаныбарым Ысык-Көл,
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген киши тунбайбы...
Будур-будур бел экен.

manas-discovery.kg

Будурмак артуу жер экен.
Будурмак келип бурулуп,
Будурдан бугу куюлуп.
Жаткан экен жаныбар
Будурдун чөбү суюлуп
Ар коктудан шаркырап,
Минден булак куюлуп,
Өйүз-бүйүз жери тар,
Ортосунда жайнаган
Көпкөк сонун көлү бар. [1, 10-11-б.].

Көчмөн кыргыздар уруу, урук болуп белгилүү бир жерлерди мекендеген. Мындай жашоо кечирүү биринчиден, душмандар каптап кирген мезгилде бири-бирине караан болуу максатында болсо, экинчиден, алыс-жакын туугандыктын жайын кийинки муундарга тааныштыруу, тегинен кабар берүү, жакындык-туугандык сезимин ойготуу, уруунун баркын көтөрүү болгон.

...Айланайын кулунум,
Капчыгай оозун алалы,
Өзөнгө малды салалы,
Калдая айыл конолу,
Катарлаш жатып калалы [8, 106-б.].
...Боз адырмак сары кыр
Кандай кандын керүүсү?
Тиги караарыңкы Капкак-Таш,
Кандай кандын бели эле?
Жергелешкен калың эл
Кандай кандын эли эле?
Тетиги түгөнгөн тоонун урчукка
Дүмүрөйүп тумшукча,
Кайсы кандын өзөнү?
Жергеси короо, жети бак,
Кандай кандын ордосу? [12, 155-б.].

Орто чарбалуу, оокаттуу кыргыздар жаздын келиши менен өзүнүн чакан талааларына аштыгын айдаган сон, кыштоого жакын жерлерге малын айдап, көчүп кетишкен жана ошол жерлерде койлорун төлдөткөн. Жай чилдеси



башталып, чымын-чиркейлер малдын тынчын ала баштаган мезгилде, мал-жандуу байлар алыскы салкын жайлоолорго көчүп кетишкен, ал эми малынын саны чакталуулары кыштоолорго жакын жерлерди байырлап, көчүп-конууну жүргүзө алышкан эмес. Жайлоолордо эртели-кеч сууктун илеби байкала баштаган мезгилдерден тартып, көчмөндөр тоо-этектеринин алдыларындагы бөксөлөргө көчүп келе баштаган. Анткени, бөксөлөрдө жаздоодон кийин мал жайылбагандыктан, чөп жетилип, кайрадан мал жайууга ылайыкташып калган. Эгиндерди оруп жыйуунун жыйынтыкталышы менен кыштоолорго көчүп келишкен.

Бай, оокаттуу адамдар үчүн көч өзгөчө салтанат менен коштолуп, чоң мааниге ээ болгон, ал эми күч берүүчү унаалары (жылкы, төө) жок кедейлер өз алдынча көчө алышкан эмес. Алардын көчүүсү байлардан көз каранды болгон, кедейлер май, күч, саан акысы үчүн иштеп берүү шарты менен байларга жалданып, көчүп кетүүгө мүмкүнчүлүк алышкан. Ал эми малынын саны чакталуу, байлардан май акысын алууга да мүмкүнчүлүгү жоктору, бирин-экин малы менен жай бою жатактарда калышкан. Малынын саны өтө көп байлар кышы бою бийик тоолуу сырт жайлоолорун мекендеп, көчүп-конуп жүрүшкөн. Ал тургай кээ бир байлардын өзүнө энчиленген жайыт жерлери болгон. Ал жерлерди чоочун мал-жандын жайылышынан коруган. Кышкы жайыттарда калган малдуу байлар жайытты жалпы пайдаланууну макулдашып, биригишкен. Жыл мезгилдеринин башка мезгилдеринде бир нече топторго бөлүнүп кетишкен.

Узакка созулган, ызгардуу кыштын бүтүшү менен конуш которуу өзгөчө майрамга айланган. Көч салтанатына өзгөчө маани берилип, көчтүн жүрүшү аркылуу анын ээсинин коомдогу статусу, байлыгы аныкталган.

Төрт түлүк малдын түрүнө жана жер шартынын ыңгайына карап көчүп-конуп жүрүшкөн. Жазгы-жайкы мезгилдерде урууулаш конгон журт малын чоогу жайышкан. Малдын чоогу жайылышы көчмөндөрдүн тиричилигин жеңилдетип, жайыттарды сарамжалдуу пайдаланууга мүмкүндүк берген.

Кар калың жааган жылдары койлор жайыттарга чыгарылбай калган, эгер кышка топтогон тоюту чакталуу болгон учурда, койлорду кыштоого жакын күнгөй беттерге, ылымтага жайышкан. Жайыттардан койлор эски чөптөрдү таап оттошкон. Койлорду түнкүсүн короого кармашкан. Короолорун чычырканак же алтыгана менен тосушкан, кээ бир учурларда таш сокмо менен дубал куруп алышкан. Көбүнчө, мындай короолорду жасабай эле, шамалдан далдоо, ылымта жерлеге көңдөтүп түнөтүшкөн.

Көчмөндөр кышкы тоюттарды дээрлик даярдаган эмес, ошондой болсо да, кээ бир байлар ыландаган, саламаттыгы начар малга деп атайын кошумча тоюттарды жыйнашкан.

manas-discovery.kg



## МАЛ ТӨЛДӨТҮҮ

Койдун төлдөө убагы кыш мезгилинин ортолорунда башталып, эрте жазда күчүнө кирип, бугу айында бүткөн. Төлдүн башталардын алдында койчулар алдын ала даярданып, тубарларын өзүнчө бөлүп, кыштоого жакын тегиз жерлерге жайышкан. Тууту жакындаган койлор койчумандын көзөмөлүндө болгон. Койчу тубардын курсагынын салаңдашынан, капталынын бөксөргөнүнөн, желининен байкаган. Койдун төлдөөр мезгилинин жакындашын маал-маалы менен желинин кармап билип турган. Кой төлдөгөн учурда аба-ырайы суук болсо, козу телчигенге жана энесин тың ээмип калганга чейин жылуу боз үйлөрдө кармашкан.

Төл учурунда койчу дээрлик алыстан көз салып турган, айрым учурларда туут кыйындашкан учурда гана жардам берген.

## КӨЧМӨНДӨР ҮЧҮН МАЛДЫН ОРДУ

Ал эми жылкы көчмөндөрдүн жашоосунда мингич-унаа катары, көчүп-конууну жүргүзүүдө, алыс сапарга, жоого аттанганда өзгөчө мааниге ээ болгон. Жүк жүктөөчү аттар “бартал ат” деп аталып , атайы тандалган. Бул көрүнүш “Манас” эпосунда абдан кеңири чагылдырылган. Мисалы:

Токсон баштуу жолум үй,
Баарын чечип бүктөтүп,
Бартал атка жүктөтүп [7, 263-б.]
Кең Өзөндүн баткалда,
Керилип кыргыз жатканда,
Адыр-адыр бел экен
Чеч-Төбө ата дээр экен.
Адырда жылкы алабаш,
Эр Кошойдун колунда
Аргымак, буудан аралаш,
Чеч-Төбөнү жайлаган,
Ченебеген эр Кошой,
Тулпарларын байлаган [3, 16-б.].

Көчмөн кыргыз үчүн мал алардын жашоо-тиричилигинде материалдык гана эмес, аксиологиялык мааниге ээ болгон. Үй-бүлөнүн байлыгы, социалдык

manas-discovery.kg

статусу түздөн-түз малдын саны менен өлчөнгөн. Көчмөн элдердин байлыгынын булагы мал болгондуктан, малдын амандыгы алар үчүн чоң мааниге ээ болгон.

Ат кубаты жал менен,
Адамдын күчү мал менен [6, 11-б.]

– деген эпостогу саптар буга далил болот. Малга өзгөчө маанин берилиши жашоо-турмушуна терең сиңгендиктен, күнүмдүк тиричиликтеги амандашуусу да малга байланышкан. Эки адам көрүшкөн учурда “Мал-жан аманбы?” – деген салттуу амандашуу муну күбөлөйт. Амандашуудагы “жандан” мурун “малдын” айтылышы алардын жашоосундагы малдын ролу жана орду өзгөчө экендигинен кабар берет.

...Узун аяк көп малды
Арбын жыйып алыптыр,
Ушуну менен бул кыргыз
Оокат күтүп калыптыр.
Туура жагы көп малдын
Ит-Өлбөс чөлдүн четинде,
Асты жагы көп малдын
Ак-мөңгү тоонун бетинде...

...Төрөсү өлгөн буруттун,
Мунун төбөсүнөн басалы,
Төрт түлүгүн чачалы,
Мунун төшүнө казан асалы! [1, 44-б.].

Көчмөнөрдүн материалдык байлыгы, жан-дүйнөсүнүн абалы багылган малынын саламаттыгы жана саны менен аныкталган. Чындыгында көчмөн үчүн мал жашоо кечирүүнүн эң негизги жолу болгон. Андан сырткары салттуу кыргыз коомундагы бардык социалдык мамилелер, чарбалык, үй бүлөлүк тиричилик, моралдык, сот-укуктук, ошондой эле, жөрөлгө, каада-салттар майда жандыктарды жана бодо малды пайдалануу менен аткарылган.

Көкөтөйдүн ашындагы баш байге буга айкын далил болуп берет:

Экинчи аттын байгеси
Эл алуучу пайдасы –



Беш жүз атан төө болду,
Кырк миң жылкы, төрт миң уй,
Эсебин малдын ала албай
Далай адам буй болду [6, 146-б.].

Мал чарбачылык менен күн кечирген көчмөндөрдүн жашоосунда душмандардын “жылкысына тийүү” чоң мааниге ээ болуп, эпосто мындай окуялар арбын сүрөттөлгөн. Жылкы тийүү менен алар бир жагынан материалдык статусун бекемдеп алса, экинчи жагынан душмандарына сес көрсөтүп, айрым учурларда эки элдин салгылашына себеп болгон.



Жамаатташ жашаган элдерде, урууларда бири-биринин жылкысына тийүү көчмөндүк коомдун шарттында кадыресе көрүнүш болуп эсептелеген жана бул XIX кылымдын экинчи жарымына чейин сакталаган.

Кыргыздар бир жерден экинчи жерге орун которуу алдында тууган-урукка тамак берүү салты калыптанган, аны “ажыраш-аяк” – деп атаган. Бул салтты аткаруу да майда жандык жана бодо мал союу менен коштолгон:

manas-discovery.kg

Сойдурган экен шол күнү
Сегиз жүз кой, сексен бээ,
Жай отуруп тамак жеп...
Ажыраш аяк деген сөз
Атпай журттун мойнуна
Куржун сындуу илинди [6, 156-б.]

Келин алууда, кызга калың берүү да малдын саны менен өлчөнүп, төрт түлүк малдан тогуздап, айрым учурларда андан да көп өлчөмдө берилген. Мисалы, "Манас" эпосунда Каныкейге калың берүү төмөнкүчө баяндалат:

Эшикке чыкса Каракан,
Мал толуптур жерине.
Санатын малдын ала албай,
Айласын эми таба албай....
...Айдаган жылкы чуркурап,
Чаңы асманга буркурап...
Мөөрөгөн бойдон уй кетти,
Төөнүн баарын боздотуп,
Тулпардын баарын коштотуп,
Айгырлар барат алышып,
Бууралар барат жөөлөшүп,
Букалар барат мөөрөшүп,
Кочкорлор карс-карс сүзүшүп...
Күрөң уйга катарлаш
Кулжа кирди Букарга.
Аргымакка аралаш
Аркар кирди Букарга.
Буурул жылкы ичинде
Бугу кирди Букарга
Макаң-маңкаң басышып,
Марал кирди Букарга.
Текилдешип чуркашып,
Теке кирди Букарга.
Эсеби жок чубуруп,
Элик кирди Букарга.



Элүү топоз жүз качыр,
Желип кирди Букарга.
Эр Манас берүүчү калыңдан
Арстан келди шер келди,
Эминесин айтасың,
Эзелки Букар нес болуп,
Эби кетип термелди....

Кыргыздарда жамандык-жакшылыкта тууган-уругу, жолдош-жоролору, алыс-жакын катышы тарабынан колунда жогуна жардам катары, ошондой эле, алыш-беришти жүргүзүү максатында "кошумча" берүү салты калыптанган. "Кошумча" берүү салты мал менен өлчөнгөн. Мисалы, эпосто:

...Кошумча – деп Манаска,
Чоролор жүздөн күлүк айдашып,
Эсеби жок көп малга
Келген экен жердин жүзүн жайнатып [7, 260-261 бб.] – деп

сүрөттөлөт.

Кыргыз элинде "кан тартуу" деген салт да калыптанган. Бул салт достошуу ниети менен келген тарапка ызаат көрсөтүү максатында күлүк ат тартуулоо менен коштолгон. Алманбет баатыр Манаска келгенде Ак кула баш болгон тогуз күлүктү тартуу кылып тосуп алган. Бирок, Алмамбет Манас баатырдын айкөлдүгүнө баа берип, Аккуланы Манаска калтырууну чечкен:

Аккула Манас аты экен,
Кара жанын өлчөгөн,
Кас тулпарын мингизген...
Байкап турсам, Сарала ат,
Мага ылайык жылкы экен [6, 1321-б.].

Эпосто достошуу ниетин билдирип ызаат көрсөтүү менен берилген "кан тартуудан" сырткары жоого багынганда кулдук уруу, айыпка жыгылуу учурларында да "тартуу" берилгени арбын кездешет. Тартууну көбүнчө мал менен жүргүзсө, айрым учурларда сулуу кыздарды да бергенин байкоого болот. "Манас" эпосунда калмак-кытайлар элди чаап алмакчы болгондо эл жакшылары сулуу кыздардан жана малдан тартууга берүүнү акылдашат.

manas-discovery.kg

Алтайдан күткөн сан кара
Кулунум, Манас, кебимди ук
Баарысын тартуу кылып берели!
Аман-соо калалык,
Кызыл сулуу кыздарды
Тартуу кылып кытайга
Ошолорду берелик [5, 88-б.]

Бирок Манас алардын акылына көнбөй:
Кокуй, ата, кейибе,
Найзалашып топ бузам,
Тагдыр жетсе окко учам
Күрдөөлдү башым барында
Айылымды кантип берейин
Согуш кылып окко учпай
Мен тартууну кантип берейин – деп "тартуу" бергенге каршы чыккан.

Ошондой эле, кыргыздардын каада-укугунда кылмышка барган адамды жоопко тартуу максатында, кылмыш кылганынын айбына "кун" төлөткөн. "Кун" төлөтүүдө жабыркаган тарапка төрт түлүк малдан, айрым учурларда, төбөсү көрүнгөн баатыр кылмышка барса анын күлүк аты да кунга кошулган. Баатырды күлүк атынан ажыратуу жазага тартуунун оор түрү болуп эсептелген. Анткени баатырдын баатырдыгы күлүк атынан көз каранды болгон. Мисалы, Семетей бөлөсү Үмөтөйдү өлтүрүп алып, кунуна Тайбуурулду тартуу кылган. "Тайбуурлдун тартуу болуп кеткени, Семетейдин ажалынын жеткени" – деген кеп буга далил болуп берет. Мисалы "Семетей" Үмөтөйдүн "куну" үчүн:

...Бир тууганым Акергеч
Жалгызынан айрылды,
Кайкалап жаткан көп казак
Каны өлүп катуу кайгырды.
Элиң менен сүйлөшүп,
Көк калтырбай эки элге,
Тарткыла мыктап айбынды
Каныкейдин бул сөзүн
Карыя Бакай эп көрдү...



..."Үмөтайдын куну, - деп,
Агеркечтин алдына
Алпаралык муну, - деп...
...Ар бир эрдин колуна
Бирден берип шумкарды,
Тулпарлардын баарысын
Үртүк менен үптөтүп,
Үмөтөйдүн өлүгүн
Нар буурага жүктөтүп...
...Сур коёнду минейин
Калкылдап келген жоо болсо,
Күлүктүгүн билейин...
Аккула жандан кайрамбы,
Атамдан калган кеп экен,
Үмөтөйдүн кунуна
Тай буурулда бергеним –
Кыйын да болсо эп экен" –деп "кун" бычылат. [11, 288-б.].

Эпосто "мөөсүл" деген түшүнүк берилет. Бул олжодон түшкөн мал, буюмдан тие турган энчи, соогат болуп эсептелет. Демек "мөөсүл" да мал жандыктары аркылуу жүргүзүлгөн.

Кууп жылкы алыптыр,
Үлгүртүп айдап жүрө албай,
Үч баатыр анда калыптыр;
Мөөсүлүн бөлүп алсын деп,
Сыргактан кабар салыптыр [11, 326-б.].

Көчмөн кыргыздардын турмушунда жылкы баласынын мааниси өзгөчө болгондуктан, адамдын ажырагыс бир бөлүгү катары мамиле кылган. Алтургай, ата баласын «кулунум», «тайым» - деп эркелеткен, атадан калган баласын «тулпардан калган туягым», «ат токуурум» деп атаган:

...Балам, Манас, кулунум,
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай аштай бар,

manas-discovery.kg

Калың кара кыргызды
Каран жылбай баштай бар [8, 107-б.].

...Ушу турган жетимим,
Айкөлдөн калган белегим.
Тулпардан калган туягым,
Ушу турган Семетей –
Туйгундан калган чунагым [11, 19-б.].

...Кулундарым барында,
Курулган шаар зор болдум.
Кулундун көзү өткөн соң,
Ушундай жайда оңбодум [12, 154-б.].

Улуттук каада-салтта ат баа бычуу, соода-сатык жүргүзүү кызматын аткарган. Кылмышкерлердин куну ат менен өлчөнгөн, кыз себине ат кошкон, жерди да атка айрыбаштаган ж.б. Кыргыздар атты башка чапай пир тутат. Жылкынын пири, колдоочусу – Камбар ата деп ишкенишкен:

...Камбар ата – кара айгыр,
Камбар алып бай Жакып,
Мойнуна кисе салынып,
Жаратканга жалынып,
Камбар ата айгырды
Ай туякка чалды эми [4, 51-б.].





manas-discovery.kg

# ЖЫЛКЫНЫ САЛТТУУ ЫКМАДА БААЛОО

Атам замандан бери элибиз жылкы баласын жанындай көрүп, алардын дене түзүлүшүнө, өңүнө, жашына өтө чоң маани берген.

Кыргыздар илим тууралуу түшүнүгү жок болсо да, жылкынын ата-тегине, кебете-кешпирине, жүрүшүнө, кыялына маани берүү менен элдик билимди кеңири пайдаланышкан. Жылкыны сыртынан карап башынын түзүлүшүнө, буттарын коюшуна, туягынын бекемдигине көңүл бурган, дене мүчөлөрүнүн өсүшүнө баа берген.

Жылкынын дене мүчөлөрүнүн ар бирин өзүнчө атап, алардын өзгөчөлүктөрүн таамай сүрөттөшөт. Жылкыны тандоодо баш сөөгүнө карай ээктин алдындагы ачасына колун салып көрүп, ээрдине да көңүл бурушат. «Ат эриндүү, эр мурундуу болсун» - деген сөз ошондон калган. Башына карата «нарбаш», «эчки баш», узун моюн күлүк жылкыга, кыска моюн күчтүү жылкыга таандык болгон көөдөнү чоң сээри бийик жылкылар бааланат. «Күлүктүн башы как болот, кулактары шам болот» - деген макал айтылып жүрөт. Белине карата капкан бел (күчтүү, чыдамдуу), кайкы бел (жүк көтөрүмү жок бат чарчаган) деп аташат. Соорусуна карата «көмкөрүлгөн казандай», «уй куймулчак» деген салыштырууларды угууга болот.

"Манас" эпосунда жылкыны сыпаттаган саптар көп кездешет. Кыргыздардын салыштырууларынын ташка тамга баскандай айтылып келгендиги төмөнкү мисалдардан даана байкалат:

...Бугудай көзү жайнаган.
Келишимдүү маңкайган,
Кең соорусу даңкайган,
Ар мүчөсү келишкен,
Кызыл Буурул чаңкайган.
Көкүлү көркөм жайылган
Өркөчү бийик, сээри бас,
Өңкөй буудан биригип,
Айланайын кулунум,
Тайбуурулга даарыбас...

...Элик жаак, аркар төш,
Бар мүчөсү тептегиз,
Балбылдаган бото көз,
Боору жазы сырты түз ....
...Жото жилик жонгондой,
Жону бийик коргондой,



Соорусунун үстүнө
Жолум үй батып конгондой.
Кар жилиги каккандай,
Кашка тиши капкандай,
Карчытынын үстүндө,
Төшөк салып жаткандай... [11, 98-б.].

...Анын арка жагынан
Чаткаягы чаткалдай ,
Чатына киши баткандай ,
Туягын жерге мылгытып,
Ачбуудан кирип алганы
Көкүлүн көккө ыргытып,
Жолойдун аты Ачбуудан
Чубатууга салганы [8, 66-б.].


...Таноосуна, мурдуна
Кирер болсо жорголоп,
Азыркы жүргөн адамдар
Кийими менен баткандай .
Камыш кулак, сом туяк,
Балтыры өгүз белиндей [8, 155-б.].


...Атасынын Актулпар
Арыштап чуркап алыптыр,
Калың чаңдан бөлүнүп,
Жалгыз болуп алыптыр.
Куйругу көзгө дирилдеп,
Көкүлү көккө бириндеп,
Закым болуп калыптыр [11, 50-б.].

...Минген аты Ачбуудан,
Аркасы бийик, зээри пас,
Алты ай минсе арыбас... [2, 23-б.].

Кыргыз эли жылкынын жашына өтө чоң маани берет, жашын так мезгилдерге бөлүп, эркек жана ургаачысын да жаштары боюнча ажыртып, өзүнчө аташат. Себеби, жылкынын, жүрүшү, күчтүүлүгү, этинин даамдуулугу жана башка көптөгөн касиеттери анын жашына байланыштуу болот. Жашты аныктоодо бир нече ыкма колдонулуп келет.

manas-discovery.kg





Ургаачы жылкы жашына жараша төмөндөгүдөй аталат:

– жаңы туулган жылкынын ургаачысын – "кулун";

– жашы алты айдан бир жашка чейинки кулунду – "ооз жарма тай" же "жабагы тай";

– бир жашка чыкканы – тай же "көк-туяк жабагы" (жазга жабагы, жазында түлөгөндөн кийин тай болот);

– эки жашка толгон жылкыны – "кунан байтал";

– үч жаш болгондо – бышты-байтал;

– төрт жаштан баштап – бээ;

– беш жаштан баштап – бир асый бээ, андан кийин эки асый бээ, үч асый бээ деп аталып кете берет.

Эркек жылкынын жашына жараша аталышы:

– жаңы туулган жылкынын эркеги – "кулун";

– жашы 6 айдан бир жашка чейинки кулунду – "ооз жарма тай" же "жабагы тай";

– бир жашка чыкканын – "жабагы тай";

– эки жаштагысын – "кунан";

– үч-төрт жаш – "бышты" ;

– андан кийин – жаңы асый;

– бир асыйдан баштап айгыр, эгерде бычылса, бычылган ат, эгерде быштысынан үйүргө кошулбаса анда, "аңги" же үйүр баспаган "айгыр" деп атап коюшат.

Жылкы баласы 25-30 асыйга чейин жашайт. Тарыхта 60 асыйга чейин жашаган жылкылар жөнүндө маалымат кездешет. Мисалы, Каныкей Тайторуну 60 асыйында чабышка салганы жөнүндө айтылат:

...Табылган малга төл башы,
Төрбөй жүргөн кула бээ
Ырысы күлдөй жөнөптүр,
Ошол кула бээ кулун төлдөптүр
Ырымдаган кула бээ
Кулун тууган кези экен,
Кулун эмес тууганы
Кыйын тууган кези экен.
Малдын башы кула бээ,
Быйыл тууган кези экен.
Тууганда мыктап кула бээ,
Куюн тууган кези экен [1, 127-б].
...Кысыр эмди чагында
Кошуп берген энесин,
Кулунунда эмип, тайында да эмген,

manas-discovery.kg

Кунан жашта дагы эмген,
Бышты кезде бычтырган,
Жибектен нокто сыздырган [11, 98-99-бб.].

Малдын жашы сырткы кебетесинен билинип турат, бирок сырткы кебетеси боюнча малдын жашын так аныктоо кыйын. Кыргыз эли бардык малдын түрлөрүн, анын ичинде, жылкы баласынын жашын тишине карап так аныктаган. Койдун жана төөнүн жашын тактоодо малдын тишине маани берилери С.М.Абрамзондун эмгегинде да белгилеген. Аталган ыкма менен жылкынын жашын төмөндөгүдөй аныктаган. Эгер тай, кунан кезинде төрт маңдайкы тиши болсо, быштыга өткөндө маңдайкы эки тиши алмашат, тагыраак айтканда, маңдайкы тиштери толук түшүп кайра чыгат. Маңдайкы тиши сары болсо – жаш, тиши агарса беш асый болот. Эркек жылкы беш жашка толгондо эки азуу саят. Бул азуусу чыгат дегенди билдирет. Жылкы асыйында азуу саят деген фразеологиялык мисалды С.М.Абрамзон өзүнүн эмгегинде колдонгон [12, 52-62-бб.]. Ушул жерден ургаачы жылкылар, негизинен, азуу сайбай турганын эске алып коюш керек. Сейрек учурларда гана күлүк чыга турган ургаачы жылкы азуу сайышы мүмкүн.

Жаңы азуу кичинекей чыгып, жаак сөөктөрүнүн тиши уясынан өсүп, акырындык менен узара баштайт. Күлүк боло турган жылкы азууну эрте саят, ошондой эле, азуунун чыгышы жылкынын багуусунан да көз каранды. Эгер жаман багылса, анда азууну кеч саят. Канча асыйга чыккан жылкы экендигин, тиштин өзгөрүндөгү чийиндер боюнча аныктоого болот. Жашына жараша жылкынын тишинде төмөнкүдөй өзгөрүүлөр байкалат: 1-1,5 айында ортонку сүт тиштери; 6-7 айында четки сүт тиштери чыгат; 10-12 айында маңдайкы сүт тиштин чөйчөкчөсү жешиле баштайт жана азуу тиштер чыгат. Акырында өскөн тиштердин азуу бөлүгү көтөрүлүп, үстүңкү жаакта сөөктүн баштыкчасы пайда болот. Кийинки айларда жана жылдарда жылкынын тиштеринде кандай өзгөрүүлөр болоруна кайрылсак, 13-14 айда ортоңку сүт тиштин, ал эми 15-24 айда чекедеги сүт тиштеринин чөйчөкчөлөрү жешилгенин байкоого болот. Эки жарым жашында маңдайкы сүт тиши түшүп, туруктуу тишке айланат да, үч жашында маңдайкы тиштери жешилет. Үч-беш жашында ортоңку сүт тиштери түшүп туруктуу тишке айланат. Төрт-беш жашында ортоңку тиши өсүп жетилсе, алты жашта четки туруктуу төмөнкү тиштин чөйчөкчөсү жешилгени байкалат. Жылкы жети жашка чыкканда төмөнкү маңдайкы жана ортоңку тиштеринин, ал эми 8 жашында төмөнкү астыңкы, маңдайкы тиштеринин чөйчөкчөлөрү жешилет. Тогуз жаштан он эки жашка чейинки жылкыга үстүңкү маңдай, четки тиштеринин чөйчөкчөлөрүнүн жешилгендиги мүнөздүү. Он үч жаштан он сегиз жашка чейинки жылкылардын тиштеринин жешилүүсү, алдыңкы эриндеги маңдай, ортоңку, четки тиштердин чөйчөкчөлөрүнүн издерине, үстүңкү маңдай, четки тиштердин



чөйчөкчөлөрүнүн калдыктарына тиешелүү. Он тогуздан жыйырма төрт жашка чейинки жылкылардын астыңкы жана үстүңкү маңдай тиштеринин ортолору үч бурчтук формасына ээ болгонун байкоого болот.

Жылкы баласынын сүт тиштери толук беш жашында алмашат.

Туулганда сүттүү кашка тиши, 4 айында – ортоңку кашка, бир жашында четки кашка тиштери өсүп чыгат.


"Манас" эпосунан жылкынын жашына байланыштуу айрым мисалдарды келтире кетели:

...Асый чыкма кезинде
Кайра байлап кабыштап,
Арнап жүргөн мал эле,
Жалгыз Семетейге табыштап [8, 278-б].

...Анык тулпар Тайтору
Байгени нечен көрдү эле.
Мөөрөйүн бербей бөлөккө,
Олжону нечен бөлдү эле:
Ушу быйыл жаныбар
Каржалар кези болду эле.
Азуусун жалап жаныбар,
Алтымыш асый болду эле [11, 42-б.].

Жылкы баласынын жал, куйругун тайында, тайдан кунанга өткөндө кыркышат. Кулун жал суйдаң болот, ал "жибек жал" - деп аталат. Ал эми кунандын жалы тармал келип, кунанында кыркылат. Быштыда түз, кайраттуу жал чыгат. Быштыдан баштап жал-куйругу кыркылбайт. Жылкынын жал-куйругун жазында, март-апрель айларында тай кезинде кыркат. Ушул мезгилде жылкы түлөйт жана мал арык болуп кыркканга ыңгайлуу болот. Аны кыргызда "кулун-жалын", - алуу деп аташат. Кулун жалын алуунун максаты – жашын аныктоо жана жал басып кетпеш үчүн кыркылат. Жал-куйругу убагында кыркылбаган кулун-тайлар биттеп кетет, биттеген жылкы жүдөө болуп, жакшы семирбей, бою да өспөй калат. Жал-куйругун кыркуунун дагы бир себеби, ушул болуп эсептелет. Жылкыны мингич катары үйрөткөндө жана үйүргө кошоордо да жал-куйругун кыркышат. Бышты болгондон баштап жал, куйругуна тийбейт.

manas-discovery.kg




*1 -жашында кашка тиштеринин чөйчөкчөлөрү жешиле баштайт.*




*2 -жашында, кашка тиштери бирдей ченемге жетет*



*3-3,5- жашта, кашка сүт тиштери, туруктуу маңдай тиштерине алмашат*



*4 жаш*




*5 жаш*







*6 – 8 жашта ортоңку, четки астыңкы кашка тиштеринин чөйчөкчөлөрү жешиле баштайт.*



*9-11 жашта, ортоңку үстүнкү жана четки үсүткү тиштеринин чөйчөкчөлөрү жешиле баштайт*



*12-15 жашта, астыңкы кашка тиштеринин чөйчөкчөлөрүнүн издери калат*



*16-24 жашта астыңкы кашка тиштеринин чөйчөкчөлөрүнүн издери калат*

manas-discovery.kg

Эркек жана ургаачы жылкылардын жал-куйругун кыркууда айырмачылыктар бар. Эркек жылкылардын жал-куйругу тай жана кунан кезинде кыркылат. Мисалы, эркек жылкынын сээрге (аттанаарга, кээ бир жерде «секелек» - деп да айтылат) бир тутам жалы калтырылып, көкүл-жалы толук алынат. Сээрге бир тутам жал калтырылганынын себеби, жайдак таңашырганда тизгиндин учун ошол жалга байлап коёт. Куйругу муунак болбой, куйруктун түбүнөн 4-5 эли калтырылып, калганы кыркылат.

Ал эми ургаачы жылкынын көкүлү калтырылып, жалы толук алынат жана куйруктун түбүнөн бир карыш ылдый, муунак-муунак болуп, учу тегизделип кыркылат. Ал «шыйпаң» - деп аталат. Ургаачы жылкылар эки жолу, тай кезинде андан кийин кунан болгондо куйрук-жалы кыркылып, айгырга кошулат, б.а., үйүрлөштүрүлөт. Андан кийин куйрук, жалы кыркылбайт. Ургаачы тайды кыркуунун дагы бир себеби, айгырдын эрте көздөп коюшунан сактануу максаты да болгон. Такыр кыркылган куйруктардын кылы айгыр качырганда тоскоолдук кылат. Кыркылган жал-куйруктун ордуна кийин көрктүү жал-куйрук чыга келет. Убагында кыркып турбаса, кээ бир учурда жылкынын жалына же куйругуна чалынып, жыгылып өлүп калган учурлар да кездешет. «Жакшы атка жаман ат, жалы менен тең келет», «Жаман атты жал басат» - деген макалдар ошондон калган.

...Куйрук, жалы кесилип,
Куп мүшкүлгө кезигип,
Колго түшүп кетиптир.
Жал, куйругу такыр жок,
Түргө келип калыптыр.
Тулпарлыктан айрылган
Күнгө келип калыптыр [12, 118-119-бб.].

Илгерки мезгилде байлар жалаң алалуу, каралуу, торулуу, ак боздуу, кашкалуу, күрөңдүү, жээрделүү, кулалуу, кыскасы, бир өңчөй жылкылары аркылуу башкалардан айырмаланып турган. «Ал баланча байдын жылкылары» - деп таанууга, даңазасын арттырууга мүмкүнчүлүк берген. «Айгыры ала болсо, кулуну кула болот». Мында айгырга карата төлү жаралат - деген түшүнүк келип чыгат.

Кыргыз эли өтө баамчыл эл келип, малдын жашына гана көңүл бурбастан, анын түсүнө да өтө маани беришкен. Жылкы баласынын ар бир түсүнө таамай, аяр мамиле менен ат берип, жаңылбай так айтышкан.

Кула – денеси, башы сары, кум түстө, бутунун төмөн жагы, ичи, куйругу, жалы кара, кыр аркасынан куйруктун түбүнө чейин кара сызык кетет.

Сур – кула эмес, бозомтук өң.



Жээрде – денеси, куйругу, жалы мала же ачык кызыл.

Тору – денеси, башы күрөң, ал эми жалы, куйругу, буттарынын ылдыйкы бөлүгү кара.

Карагер – денесинде кара кылдар көп, бирок башка түстөгү (кара-күрөң) кылдар да аралашкан, ошондуктан өңү чымкый кара болбойт.

Сарала – сарысы көп болсо сарала бээ же сарала ат же жашына жараша сарала тай, сарала кунан, сарала бышты деп атайбыз.

Карала – эгерде карасы көп болсо карала кулун, тай, кунан, бышты, ат же бээ делинет.

Чабдар – денеси кара күрөң түстө, алмадай ак чоң темгилдери бар, куйругу, жалы ак же түтүндүн өңүндөй.

Буурул – туулганда ак жүндүү болот, кийин сары, кара, күрөң жүндөр аралаш, ал эми денеси, куйругу, башы, соорусу, жалы, бутунда ак кыл аралашпайт.

Торала – тору менен ак аралаш.

Боз – кыргызда мал баласын «ак» - деп атабайт. Ошондуктан өңү ак жылкыны боз же кызыл деп аташат.

Көк – көгүш терилүү жылкы. Жаш кезинде көк кылдар көп болуп ал эми улам жашы көбөйгөн сайын бозоруп, боз түскө айланат. Жаш кезинде көк болсо 2-3 асыйынан тартып боз боло баштайт.

Сары-тору – денеси сары бирок куйругу кара болот.

Чаар – денесиндеги ак жүндө күрөң тактар же денедеги күңүрт жүндө ак тактар бар.

Ала – ар кандай түстөгү жылкынын денесинде чоң-чоң ак тактар бар, же болбосо жартысы ак, жартысы кара же ар кандай түстө болот.

Ала-аяк жээрде – денеси сары, бирок арткы эки бутунун чачыгынан өйдө ак болсо "ала аяк" аталат.

Күрөң – денеси киргилт сары түстө, жалы жана куйругу күңүрт кара болот.

Кара – денеси, куйрук жалы кара түстө болот.

Ургаачы жылкылардын өңүнүн өзгөчөлүгү боюнча сүттөрүнүн дарычылык касиети дагы башкача болот. Мисалы: көк, боз, тору бээлердин сүтү адамдын ден соолугуна дарылык касиети күчтүү болсо, ал эми башка түстөгү жылкылардын сүтүнүн адамга жагымдуулугу аз болот – деген түшүнүк бар. Жылкынын өңү-түсүнүн "Манас" эпосунда берилишине көңүл бурсак:

Маралтору бууданы,
Кызкара деген бир күлүк,
Кызкаранын артынан

manas-discovery.kg

Ачкара деген бир бүгүлүп,
Бадаң бийлин Торуча,
Баары бөөдө көй күлүк,
Кокондуктун Кошчабдар,
Койчумандын Карасур
Аккулага кошкону [8, 237-б].

...Ошону ойлоп эр Чубак,
Көкала оозун жайды эми
Таласты көздөй бет алып,
Куюндап жөнөп калды эми [8, 249-б].

Кызыл жерде ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Кара кула ат минген,
Карагайдай айза алган [12, 63-б].

Жылкыдан чыккан Телкызыл,
Телкызылды минүүгө,
Эрте сөзү кеч болду,
Сейтектин эки көзү төрт болду [12, 80-б].

...Буурул айгыр, сур айгыр
Бурак атка токутуп... [6, 18-б].

Кыргыздар жылкынын денесиндеги кичинекей түсү боюнча өзгөчүлүктөрдү эске алып, ошого жараша да жылкы баласын ар түрдүү аташат:

– ак байпак – төрт буту тизеден ылдый ак болот;
– кашка – маңдайында ак так бар. Эгерде кашкасы узун болуп, үстүнкү ээрдине өтүп кетсе мындай жылкыны ата-бабалар ыйык көрүп, минген эмес;
– чекир – көзү көк, кый көз аттарды айтышкан;
– сур коён – ак менен каранын ортосу;
– кашка баш – эки колу, эки бутунда туяктын үстүндө (бакайында) ак түс жана башында кашкасы бар жылкылар;
– ак таноо – таноосунда агы болсо, ошого жараша аталган.

Кыргыздар эч качан "ак ат", "ак бээ" – деп атаган эмес, анткени, "ак" - деген сөз «ыйык, алланын аты» деп, ак түстөгү жылкыны "боз", "ак-боз" же "кызыл ат", мындан сырткары "чымчык-чаар" – деп да аташкан. Жылкынын өңү-түсү боюнча эпосто төмөнкүчө сүрөттөлөт:



Урулдуу жылкым кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Баары тулпар көй кашка,
Жети-Өзөн жерлүү жылкыны
Жеткилең жыйып көрсүн де!
Өлгөндө көргөн балама
Ат энчилеп берсин де! [12, 104-б].

Кыргыздар жылкынын туягына да өзгөчө маани беришип, кулун кезинен баштап туягына көңүл бурушкан. Эгерде кулундар нымдуу, чыла, муздак жерде байланса, туягына доо кетип, бузулуп калат. Ошондуктан ата-бабаларыбыз кулун байлаган желени таза, кургак кармашкан.

Туякка баа бергенде, анын катуулугуна жана жумшактыгына өзгөчө көңүл бурулат. Аларды негизинен туяктын түзүлүшүнөн, өңү, түсүнөн, чыдамдуулугун билишкен. Мисалы, ак же агыш түстөгү туяк борпоң келип, таштарга тийгенде сынып, же болбосо бат ташыркап калат. Ал эми кара туяктар көбүнчө чыдамкай келип такалоону деле көп талап кылбайт.

Жылкынын туягы түзүлүшү боюнча тик, каз таман, жалпак, ичине же тышына майтык ж.б.у.с. болуп бөлүнөт. Чымыр жылкынын туягы кичинекей, калың болот. Борпоң жылкылардын туягы чоң, жука, жалпак болот. Жылкынын төрт бутунун тең туягы тегиз болууга тийиш. Туяк түз болсо така мыкты жакшы кармайт. Туяк кичине тышты карап турса жылкы күлүк болот деп коёт.

Жылкынын туягына жараша кыргыз эли төмөнкүдөй баа берген:

– көк туяк – жаш кулундарды ушинтип атап коюшат;
– тай туяк – тай кезиндеги туяк, тик болот, жерге жакшы жабышып, туруктуу болот;
– көмкөрө туяк – туягы тик, бекем, жашы чоң жылкылардын туягы;
– чулу туяк (кара туяк) – сомдолгон темирдей бек болуп, ташыркабаган туяк;
– сом туяк – күлүк жылкылардын туягы, өтө тик болбой жайыгыраак болот;
– тик туяк – чуркоого, жорголого, таскактаганга, желдиргенге, басыкка чыдамдуу туяктар. Тик туяктын түзүлүшү туура тең оодугу жок, тегиз, түс жердин кыртышына салыштырмалуу белгилүү жантыкта болот дешет;
– ай туяк – мындай жылкынын туягы бийик, түс кынтыксыз болот. Мындай туяктууларды таза кандуу күлүк жылкы деп билишкен;
– үкү туяк – туягынын үстү жагы түктүү жылкы. Мындай жылкы өтө сейрек кездешет жана алар "күлүктүн күлүгү" болот;
– жамбы туяк – жакшы жылкылардыкы;

manas-discovery.kg

– чара туяк – мындай туяктуу күлүктөрдүн чуркаган дабышы катуу чыгат;

– түрс туяк – мындай жылкылардын дабышын укканда, үкү туяктуу жылкылар жол берген;

– жез билек туяк – мындай туяктуу жылкыларга - бардык жылкы жол берген жана аларды «тулпар» - деп аташкан;

– ак туяк («бор туяк» деп да аталып жүрөт) – мындай туяктар жумшак келип, морт болот жана сөзсүз такалоо зарыл. Себеби, такаланбаса таштак жерден бат ташыркайт. Мындай туяктуу жылкылардын такалары да бат бошоп, таканы бат-баттан алмаштырууга да туура келет;

– талпагай туяк – каз таман, чыдамы жок, баскан сайын кетийт;

– тойтук туяк – туягы ийрейип калган;

– талпак туяк – булар жолго да, ташка да жарабайт. Мындай туякка сөзсүз така кагылышы керек;

– каз таман – жылкылар таштак жерде баса албай бат ташыркаган;

– сары таман ат – асыйдан ашкан, күчкө толуп турган жылкы. Бар турпаты келишимдүү болуп сөөлөттүүлөр минген. Сары таман аттын туягы тегерек, чулу туяк болгон. Мындай аттар алыска чаалыкпай, ташыркабай барган.



*Түрс туяк*





*Жез билек туяк*



*Жамбы туяк*



*Үкү туяк*

...Кетмен туяк кең соору
Кепинге минчү мал экен
Сопол куйрук – сом туяк
Согушка минер мал экен [8, 49-б.].



...Тегерек туяк жылкыда
Кыйыны мындай жок экен,
Алты ай минип жол жүрсө,
Арыбас сыны бар экен [8, 180-б.].

...Кара жерди токмоктоп
Сырбараң үнүн укканда,
Жамбыдай болгон туягын
Ирмем-ирмеп алды эми. [11, 58-б.].

...Кең көкүрөк, тайган төш,
Келки туяк, кең соору
Келишимдүү Тоотору ат
Ботом, кейигенден берейин,
Кежирлик кылбай, минип бак [12, 103-б].

Кыргыздар жылкы баласынын басыгына, жүрүш-турушуна жана кыялына карата ар кандай мүнөздөп келишкен. Кыялына жараша жылкылар үркүнчөөк, тиштээк, азоо, тебенээк, качанаак, жоош ж.б. деп мүнөздөлөт. Жылкынын кыялынын мындай болушу аны күткөн ээсине байланыштуу болот. Ээси ага кандай мамиле кылса, жылкынын кыялы да ошого жараша калыптанат. *“Мал ээсин тартпаса арам өлөт”* – деген макал ошондон калган. Жылкынын кыялы көзүнөн билинет. Жоош жылкылар адамды кыя тиктейт. Ал эми кыялы бар жылкылар тик тиктеп, көздөрү ойноктоп турат. Семирген жылкы чалпоо келет. Ал эми жылкыны бир чочутуп алса, ал кыялын калтырууга, таштатууга мүмкүн эмес. «Төшөктөн чочуган күйөө жаман, ээрден чочуган ат жаман» – деген эл арасында айтылып жүргөн макал буга мисал.

Мүнөзү боюнча ар кандай айырмаланган жылкыларды кыргыздар төмөнкүдөй чечмелешет:

– үркүнчөөк – алдынан жан чыкса, канжыгага байланган оокат калдыраса же башка үн чыгып кетсе да үркөт.

– чалпоо, кашаң – басыгы начар, жай.

– тебенээк – жакындаган адамды тээп жиберет.

– жоош – тиштебейт, теппейт, үркпөйт.

– азоо – карматпайт, мингизбейт, нокто, жүгөн салдырбайт, ээр токутпайт.

– кошкурчаак – жөн турганда, бастырып баратканда кошкура берет;

– качаанак – бошоп кетсе карматбай кача берет;

– ээр качкы – качкы, кичине эле кармоодон чыкса качып жөнөйт;

– жүгөн салдырбас – азоо, жалына киши жолотпойт;

– чобур – арык, илең-салаң басып жүдөгөн ат;

manas-discovery.kg

– таскактуу – жүрүшү ыкчам ат;

– чарс – азоо чалыш, кыялы чатак, чакчаңдап турган жылкы;

– жүрүштүү – ат мыктысы, жүрүшү бар, алыс жол сапар тартканда, үстү адамга мамыктай тынч, эр-азаматтын аркалуу аты.

– жорток – турган жеринен желген жылкы;

– чынкөр – чөптү аз жейт, чөп баштарын чалат. Тандап өп-чап жегендиктен арык, ичке көрүнүп турат;

– жатак – жоош, кабелтең, баскан-турганы кашаң;

– жалакай – жылкынын жукасы, бат арыктайт, тоюту жакшы болсо бат семирет, басканы тың, мингичтиги анча эмес;

– оозу катуу, ала качма – баш бербеген, эки тизгинди тарткан сайын, башын жерге сала тизгинди бошоткон аттар;

– качкы – мындай аттар колдон бир бошонсо карматпай, ээсин ээн талаага таштап кетет. Аны откозгондо чылбырды колдон чыгарбай откозуу керек;

– тиштээк – мингенде тиштеп мингизбей чунаңдайт, бала-бакыраны жолотпойт;

– жүйрүк – бул аттын мыктысы жана күлүк болуп аш тойлордо күндүк жол чуркап, топ жарган жарыштарда төө баштаган байгелерди алган;

– буудан – аттын чарчабасы, тоо-таштарда, талаа-түстө күндөп-түндөп минсе чаалыкпасы;

– жорго – карылуу мал, камчы эти менен салат. Мунун чоң жоргосу дубанды бузган жорго деп аталат.

– Турган жеринен желген жылкыны жорток дешкен.

Айтылгандардан сырткары жылкыны жаагы катуу, чөйчөктүү, ак эттүү, кара эттүү, жылкынын жүрүшүнө карата басык, желет, желе жүрүш, таскак, текирең таскак, кой жорго, жол жорго, жамсак күлүк деп аталган түрлөргө бөлүшөт.

Жол жорголуу жанга тынч,
Асыл жылкы Акборчук,
Акборчукту жетелеп,
Чыйырдыга мингизип,
Берен Бакай карыя
Көк жалдыгын билгизип [11, 24-б.].



## САЯПКЕРЛЕР ЖАНА СЫНЧЫЛАР

Көчмөндөр үчүн мал мүлк, байлык, дөөлөт катары эсептелип, анын негизин жылкы түзгөн. Жылкы бир жагынан азык-түлүктүн булагы болсо, экинчиден жоокерчилик заманда жоого минилген, андан сырткары аш-тойлордогу оюндар, шаан-шөкөт жылкы менен көркүнө чыккан. Асыл тукум, күлүк жылкылар ар кандай аш, тойлордо жарышка салынып, ири байгелерди багындыруу менен ээсине бир заматта эсеби жок байлык жана атак-даңк алып келген. Мисалы “Манас” эпосунда:

Баш байгеге сайганы
Сексен миң жылкы, миң атан,
Жана жүз миң кой болду
Тогуз миң толук үй болду
Эсебин малдын ала албай,
Эл жакшысы буй болду,
Жабык башы кундуздан,
Жана токсон үй болду [7, 146-б.] – деп берилет.

Ошондой эле, эл ичинен чыккан мыкты баатырлар тышкы душмандар менен жүргүзүлгөн күрөштө жоого минчү аттарга өзгөчө маани беришкен. Ар бир баатырдын жоого минчү өзүнө энчиленген аты болуп, алар чечүүчү кармашта негизги мааниге ээ болгон. Баатырдын минген атынан ажырашы, анын согушта жеңилишинен кабар берген. Күндөлүк тиричилигин өткөрүүсү жылкыларга тыгыз байланышкандыктан, жылкы жөнүндөгү билими терең болгон. Бул эл арасындагы атактуу сынчылардын, саяпкерлердин чыгышын шарттаган.

Саяпкер жылкыны таптаганда арыгын эттендирип, семизин арыктатып, жем-чөптү, сууну чени менен берген. Атты ар кандай ыкмаларды колдонуу менен машыктырып, чыйралткан. Саяпкер бир эле учурда бир нече атты таптай билген жана таптап аткан жылкынын өзгөчөлүгүнө, турган турaптына жараша ар кандай суутуу, таң ашыруу, бастыруу сыяктуу ыкмаларын колдонгон.

Баатырдын аты Аккула,
Кабыргасы как Кула,
Каса тулпар Аккула
Этине келип ээлигип,
Эликтей башын көтөрүп,
Баскысы келип жээлигип,

manas-discovery.kg

Жарым күндүк эти бар,
Жаңыдан тердеткенинде
Жайына келип алыптыр,
Жаадай болгон чоң Кула ат
Табына жетип калыптыр [3, 151-б.].

Саяпкерлер ат чабыш, жорго салыш сыяктуу элдик оюндарда бааланган. Саяпкерлик ар бир адамдын колунан келе бербеген өтө татаал, кылдат иш. Өтө сейрек кездешүүчү, өзгөчө баамчыл мындай адамдар жылкынын күлүктүгүн көздөрүнөн, сырткы турпатынан карап биле алышат. Кулундун өзүндөгү сейрек сапаттарды башынан эле туюп билүүгө жөндөмдүүлөр болот. Алар жылкылардын ар бир кыймылын жана аны тапка киргизүүнүн сырларын мыкты өздөштүргөндүгү менен айырмаланат. Саяпкерлерди кыргыз эли өтө сыйлаган, алар жөнүндө муундан-муунга тамшануу менен айтылып келе жаткан уламыштар бар. Аттын тоютун (жемин, чөбүн, суусун) ченеп берип, суутуп, терин алып, чабышка даярдоого кылдат мамиле кылышкан. Алыс, жакын аралыкка чуркатып, жердин өзгөчөлүгүнө жараша күлүктү тапка келтирген. Жылкыларды багып-кароо боюнча, бардык жумуштар саяпкердин көрсөтмөсүнүн негизинде жүзөгө ашырылат. Чабандес саяпкердин көздөгөнүн ишке ашыруу боюнча бардык айткандарын аткарат.

Ал эми аттын тигил же бул сапаттарын (күлүк, жоого минүүчү ат, жорго ж.б.) мүмкүнчүлүктөрүн так айта билген адамдарды сынчы деген. Сынчылык кылууда алар ар түрдүү ыкмаларды колдонушкан. Бир сынчы үйүр-үйүр жылкылардын ичинен жонунун баары жоор болгон жүдөгөн арык атты өзүнө тандап алган экен. Ал бул жаныбардан жогорку ылдамдыкта жүгүргөн тулпар чыгарын баамдап, ушундай эле жүдөгөн үч жылкы менен жайлоого чыгарган. Кийин кезеги менен тигил үч жылкыны союп сөөгүнө көңүл бурган. Качан сөөктөрү агара баштаганда тулпарды таптай баштоо керек деген чечимге келген. Чындыгында эле сынчы өз божомолунан жаңылган эмес. Чыкма күлүктөрдү, жорголорду, жоого минүүчү аттарды өтө сактык менен карап, жакшы багууга, тиешелүү деңгээлде маани беришкен. Жылкы баласын сындагандар үчүн Толубай сынчы үлгү катары кала берет.


Жылкыны багууга байланыштуу айрым ыкмаларга кайрылалы. Минип жүргөн атты сугаруунун жана отко коюунун да өз убактысы, эрежеси болот. Атты сугаруунун бир канча түрлөрү бар. Жем берүүнүн алдында жана бергенден кийин сугарууга болбойт. Себеби бутуна “жем түшүп”, жаныбар аксап калат. Аксаган атты 4-5 чакырым аралыктан «текирең-таскак» менен чаап келип, анан бутунан кан алуу жолу менен сакайтышкан.

Мындай ооруган малды эл арасында саяпкерлер даарылап келишкен, ага кайрылсак. Аттын астынкы бутун таңып, аксаган бутунун тизесинин өйдө



жагындагы кан-тамырга миздүү бычактын учу менен учкай сайганда кан атып чыгат. Атып чыккан бузук кан толук агып токтогонго чейин кармап, көтөрүлгөн экинчи бутун бошотуп, атты шар аккан сууга 1-2 саат байлап коюу талапка ылайык. Муздак суу кан тамырдын бат жыйрылышына жана агып жаткан кандын тез токтошуна жардам берет. Болжол менен эки сааттан кийин сууга байланган атты суудан чыгарып алып минип кете берсе болот. Ат аксагынан арылып, соо болуп калат. Жол жүрүп келатканда атты бир аз эс алдырып, анан сугаруу керек. Тердеп келе жаткан мингичтин бели муздап, сезгенишине жол бербөө максатында ээрди албастан басмайылды бошотуп гана коюу зарыл.

Саяпкерлер тапталуучу аттардын айырмаланган шарттарда семиргенин эске алышып, ыраңга семирген ат, колго семирген ат деп бөлүп карашат. Илгери кыргыздар ат таптаганда ага жем бербестен, бетегеге откозуп, кээ



бирде бээнин сүтүн берип, мамыга көбүрөөк байлап тапташкан. Тердин жана майдын калбаганы, этинен азса да сынынын семиз аттыкындай болушу сыяктуу белгилер ат “чабар этине келди” дегенди туюндурган. Этине абдан келген аттын белгиси өз мүнөзүнө жараша болуп, кээ бири магдырап, кээ бири чакчандап турат. Күлүктөрдү суутуда да, отко коюуда да сөзсүз таң ашырыш керек. Атты суутуу – бул алыстан жол жүрүп келген атты таң ашырып отко

manas-discovery.kg

коюу, ал эми талаш кылып суутуу - тер чыккан атты күүгүм талаш отко коюу дегенди түшүндүрөт.

Кытайдын ханы Эсенханга, Бакай, Жакып аталарыбыз тартуу алып барганда, Бакай Эсенхандын жайнаган жылкыларынын арасынан жүдөгөн Кулатайга көзү түшүп, Жакып менен кеңешип, кайтаарда белек албай эле ушул Кулатайды сурайлы деген. Ошол сурап алган Кулатай кийин Манастын Ак куласы болуп чыккан.

Жогоруда айтылгандардан улам кыргызда атты минүү, багуу гана эмес, аны таптап саяпкерлик кылуу да чоң тарбия болгондугун байкоого болот. Бийлик төбөлдөрү өз жандарына кеңешчи, ырчы, аскер кармагандай эле, ат таптаган саяпкерлерди, куш таптаган мүнүшкөрлөрдү да кармаган. Аларды урматтап, сыйлап кастарлаган. Атты кантип асыроо, таптоо керек деген маселе ар бир кыргыз баласынын башындагы түйшүктүү ой болгон. Күлүктөрдү адатта атайын белгилүү саяпкерлер табына келтирген. Саяпкер өзү таптаган атты баарынан өйдө койгон, андай атын, жүз, миң атка алмаштырбаган, бийлик кылыч алдында көзүн оюп жатса да, атка карата чындыгынан кайтпаган Толубай сыяктуу каармандарды жараткан.

Бир күндүк тери калыптыр,
Билбестиктен дөө Жолой
Тер албай байге салыптыр...
...Көкчөнүн аты Көкала,
Көзүн жаштап үстүндө
Чаап жүргөн шум бала
Заяпкерсинип алыптыр,
Көкөтөйдүн ашы үчүн
Көбүрөөк байлап салыптыр,
Этинен оогон кези бар...
Өткөрө байлап салдым деп
Көкчөнүн тилин алам деп
Убалына калдым деп [6, 266-268-б.].



## КҮЛҮК, ЖОРГОЛОРДУ ТАНДОО

Кыргыз эли жылкынын жоргосун өтө жогору баалаган. Алар көчмөндүү турмушунда бир жайлоодон экинчи жайлоого көчкөндө, конокко, той-тамашага, кудага, аш-тойго, ат чабышка барганда, жорток жылкыны минип баргандан көрө, жоргону минип баруу аземдүү да, жанга да тынч болгон. Бир жакка алыска сапар жүргөн кезде жоргонун кадыры демейдегиден беш бетер жогору көтөрүлгөн.

Колунда бар кыргыз бирден жорго күтүүгө умтулушкан, өтө мыкты жорголор жүздөгөн койго, тогуздаган карага, ашкан мыкты жорголордун баасы кээде беш жүз койго же бир кыздын калыңына да бааланган.

Жорго, күлүктөрдү тандоодо жылкынын тукумуна маани берген. Тукумунда күлүк же жорго болсо, кулуну да жорго чыгышы мүмкүн. Жоргонун башы күлүк жылкыныкына салыштырмалуу чоңураак, кулагы шамдай, көзү тирүү, өзү сергек, оюнкараак келип, көп уктайт, туягы теп-тегерек, моюну кыска, буттары түз, узун болушу керек. Өзгөчө туяктары уюган, өңү каралжын болгону түзүк, көмкөргөн казандай болгону жакшы, аппапак болбошу керек. Адамды көргөндө кулагы кыймылдап турат. Бели кыска, түз болот, арткы буттары булчундуу болууга тийиш. Тоютту тандабай жеген жылкы күчтүү, бул жорго үчүн керектүү сапат.

Тай кунан кезинде мүнөзүнө көңүл буруу маанилүү, учкаяк, намыскөй болууга тийиш. Эки-үч атчан менен бара жатса, бирөөнү алдыга салып, бирөөнү артка калтырып бастырып көрүш керек. Ошондо алдыга чыгам деп умтулуп, алдыдагы атты тиштегилеп турса – жакшы сапат. Дене түзүлүшүнө көңүл буруу керек (бул жашында денеси толук жетиле электигин эске алуу менен), мисалы, жорго чыга турган жылкынын чокусу дөмпөк, жал-куйругу сыйда, алдыңкы буту арткы бутунан кыскараак болот.

Бышты, асый кезинде жоргонун астыңкы буттары, арткы буттары менен тең болгону талапка ылайык. Жоргонун башы күлүктүкүнөн ооруураак, булчуңдуу эмес, көзү ботонукундай ойноктоп «тирүү», жылтылдап турат, кулагы тик болот. Эки кулактын ортосу дөмпөк келип, эки көздүн ортосундагы уюл көздүн деңгээлинде, же мүмкүн болушунча андан жогоруураак болгону жакшы. Эки жаактын ортосуна муштум баткыдай болгону талапка ылайык, таноосу чоң, көкүрөгү кенен, соорусу жайык, денеси чымыр, далысы булчуңдуу болуп омурткасына жабышып турууга тийиш. Сээри тик, бели түз, кичине, узун эмес, жамбаш менен бириккен жери уюткандай бышык, кабелтең, күч бергидей болууга тийиш. Жалпысынан буттары булчуңдуу болуп, эки тизе тийишпей турушу керек. Туягы тик, таштай катуу, калың болуп, ичке же тышка майрык болбошу шарт.

Жакшы мал кылам деген жылкыны 4 асыйынан баштап үйрөтөт. Себеби, андан эрте үйрөтүлсө жылкынын бою жапыз болуп, буттары мүдүрүлчөөк болуп калат.

manas-discovery.kg

Кыргыздар жылкыны жашоодо пайдаланууда Камбар атанын антын айтышат: «Тайымда талкаша кыл, кунанымда куурата мин, быштымда бышыр, асыйымда асыра, андан кийин ташка сал, андан кийин башымды ал» – дейт.

Жылкы баласын атайын минүү үчүн үйрөтүшөт. Минүүгө үйрөтүлгөн жылкы ар кандай максаттарда, күлүк чабышка, кыз куумайга, көк бөрү тартканга, мал кайтарганга, жүк ташыганга ж.б. минилет. Жылкыны үйрөтүүдө жылдын мезгили да өзгөчө мааниге ээ. Анткени, жайында, күзүндө жылкы семиз болуп, үйрөтүүдө кыйынчылык келтирип, майып болуп калышы толук мүмкүн. Ошондуктан өзгөчө жаз мезгилинде мингенге, арабага, жайдак мингенге, жетекке, жүк артканга атайын үйрөтүшкөн. Жылкы тай кезинде жайдак, же айырмач ээр токулуп үйрөтүлө баштайт. "Тайында тай-тайлап" – деп, бекеринен айтылбаса керек. Адегенде чалма же укурук салып жылкыны кармайт. Башына чак жүгөн катылып, шылдырагы жок жеңил, кичирээк ээр токулуп, басмайылы бек тартылат. Андан кийин куюшкан салынып, атка коштоо мингизип туруп, шар жетелеп жөнөйт. Жоошуй баштагандан кийин өзүнчө, андан кийин атты ээрчиме болбош үчүн өз алдынча бастырат. Алгач үйрөтүлө баштаганда жоон ооздук тагылышы керек. Ичке ооздук аттын жамажайын жеп коёт. Үйрөтүүнүн дагы бир жолу - узун чылбырды жөө киши кармап бир жерде туруп, кунанды же тайды айланып бастырууга аргасыз кылып үйрөтүшөт. Жылкыны үйрөтүү үчүн жоон аркан менен тегерек айлантып чарчатып жүгөн салып, андан кийин ээр токулат. Эпосто жылкыны үйрөтүүгө чоң маани берилгенин төмөнкү саптар күбөлөп турат:

...Жалын тарап бөлдүргөн,  
Жалтанбас кылып көндүргөн.  
"Колу колоо болот" деп,  
Колот жерге үйрөткөн...  
"Буту бүдөө болот" деп,  
Буйгаал жерде үйрөткөн.  
Ээр качкы болот деп,  
Бугудан чылбыр сүйрөткөн.  
Ачылсын деп аягы,  
Аңгекке салып түйүлткөн.  
Аркардай колун сайылтып.  
Адырмакка жүгүрткөн.  
"Башы чайкоо болот" деп  
Кайыштан нокто тактырган.  
Ноктоосуна келтирип,  
Бугудан тизгин тактырган. [10, 98-б].



# ЖЫЛКЫНЫ ҮЙҮРГӨ КОШУУ

Жылкы үйүргө төрт жашынан баштап эрте жазда, март-апрель айларында кошулат. Бээлер жыйырма асыйга чейин тукум бере алат. Карыган сайын алардын сүтү азайып отурат. *"Үй карысы көл, бээ карыса чөл"* – деген сөз ошондон калган. Ал эми эркегеги үйүргө жаңы асыйынан баштап кошулат. Айгырларды он эки асыйга чейин үйүргө кошсо болот. Үйүргө кошулбаган эркек жылкы бычылгандан кийин ат болуп, күч унаа катары он экиден он алты асыйга чейин пайдаланылып, андан кийин күч бере албай калат.

Жылкыны үйүрлөштүрүүнүн бир катар ыкмалары бар. Ал үчүн 18-20 бээге бир айгыр кошулат. Муну кыргыздар "үйүр" – деп атайт. Эгер бээлери аз болсо, 5-6 бээге деле бир айгырды кошот. Үйүргө кошула турган жылкыларды 1-2 күн бири-бири менен жыт алышсын, жерибесин деп, бир короого камайт. Үйүргө алып келе жаткан ургаачы жылкыларды жай басык менен алып келүү керек. Себеби, жылкы тердеп келсе, тер жыттанып калат да, айгыр үйүргө коштурбай коюшу мүмкүн. Ургаачы мал бышты-байтал кезинде үйүргө кошулат, буларга жаш бышты айгырды үйүр башчы кылышы да мүмкүн.

Үйүргө айгырды жөн эле кошо бербейт. Айгырды бардык жагынан баалап, тандап анан үйүргө кошот. Үйүргө кошулуучу айгыр тандоонун түрдүү жолдору бар. Айгырды мүчөсүнө, кыраакылыгына, күч кубатына, кайраттуулугуна, чыдамдуулугуна, сергектигине, сактыгына, жашына (бышты, асыйдан баштап), өңүнө, түсүнө, дене-кардынын жетилишине, өз үйүрүн коргой ала турганына, жыныс мүчөсүнүн туура келишине (казасы кыйшык же өтө узун да болбошу керек), кыял, мүнөзүнө эң негизгиси, тегине, тукумуна жана бийик үнүнө карап тандашат. Мындан сырткары түсүнө, күлүктүгүнө, жорго{}лугуна карап да кошкон. Төрт жаштагы бээ үйүргө толук кошулат, ал эми бышты-байтал кезинде, б.а., 3 жашында үйүргө кошулбайт. Мезгил-мезгили менен (5 жылда бир) үйүр баштаган айгырларын алмаштырып туруу керек. Себеби, кулундар кичинекей болуп, тукум начарлап кетет.


Өзгөчө күлүк айгырлардан тукум алууга көбүрөөк аракет кылышат, малдын айлана-чөйрөгө, жердин шартына ылайыкташкандыгына көп көңүл бурулат. Айгыр жазгысын эттүүрөөк болсо кишенейт, чаңырып үйүр айдайт, башын салаңдатып жерге салбайт. Ошондуктан, эл арасында «айгыр салсаң үндүүсүнөн, кочкор салсаң жүндүүсүнөн» - деген сөз калган. Үйүрдө айгырдын энеси же кандашы болсо, тукумдун бузулуусуна алып келет деп кошкон эмес. *"Айгыры ала болсо, кулуну кула болот"* – деген макал ошондон улам айтылып калган.

Үйүргө айгырды кошкондо, үйүрдөгү бээлердин жашына карашат. Мисалы, бышты-байталга, бышты айгырды салат. Эгерде карыган жакшы

manas-discovery.kg

айгырга жаш бээ салынса тукуму дурус чыгат. Жакшы айгырга, жакшы бээни кошот. Бээ менен айгыр экөө тең жаш болсо, көбү кысыр калат же кеч тууйт. Эгер жакшы төл берген бээ карып калса, ага жаш айгыр салыш керек. Ошондон улам элде «асый салсаң кармап сал, бышты салсаң тандап сал» - деген макал айтылып жүрөт.

Үйүргө кошула турган ургаачы жылкыларды деле, айгыр тандагандай ыкма менен тандашат. Кандашына айгыр салган эмес. Алардын деле жашына, мүчөсүнө, кыялына көңүл бурулган. Сүттүү, үрпү узун, жалдуу, курсактуу, жакшы тукумдан чыккан, баласына камкор бээлер тандалат. Кээ бир убакта түсүнө да маани берилет. Ошол эле мезгилде ургаачы жылкылар үйүргө кошулбай калбайт. Кунан-байталдар 1 жыл үйүргө кошулбай калышы мүмкүн. Эгерде бир үйүр ургаачы жылкыны кабыл албай койсо, экинчи үйүр кабыл ала берет.





# ЖЫЛКЫНЫ КАРМОО, БАЙЛОО, ТУШООНУН САЛТТУУ ЫКМАЛАРЫ

Жылкыны кармоочу атайын жасалган куралдын бири укурук. Ал шыргыйдан, кайындан, четинден ага кыл аркандан боо тагылып, чөөмөк кылып байланып жасалат. Ал качанаак, азоо малдарды кармоо үчүн колдонулат. Укурук мүмкүн болушунча узун союл (5-8 кулачтын тегерегинде) болушу керек. Анын кол кармаган жагы жоонураак болуп, андан ары ичкерип кетет. Ал талдан, көбүнчө четинден жана башка дарак өсүмдүктөрүнөн жасалат. Укуруктун жыгачы даяр болгондон кийин ага кыл аркан камдалат. Анын узундугу укуруктан эң аз дегенде эки – үч кулачтан ашыгыраак узун болууга тийиш. Аркандын башына күрмөп байлап илмек жасайт. Ал илмекке арканды тескери толгоп, арасын ачып укуруктун башына илет. Ошол сыйыртмакты укуруктун башына бекитиш үчүн, анын аягына чейин арышты алыс кылып кол менен ороп барат да арканды чогуу кармап жылкынын башына ыргытат. Сыйыртмакты жылкынын башына илингенде, укурукту суурул таштап колго арканды гана калтырат да, бекем тартып жылкыны кармап алат. Эпосто мындай деп айтылат:

Кара боолуу укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Айгыр минип калдактап,
Карагул келет дардактап [11, 83-б].

Чалма - жылкыны кармоого атайын тайдын жал куйругунан эшилип жасалган аркан. Кыл аркан укурукка камдагандай даярдалат. Аркандын илмегине бириккен жерден чогуу толгоп кармап илмек бузбоо максатында кулачтап, аркандын калганын түрөт. Оң колго түрмөктү кармап, аркандын экинчи учун сол колго бекем кармап ат үстүнөн салат. Аркандын учу тегерек болуп чөөмөк байланат. Күчтүү жигит арканды кулачтап колуна ороп, жылкыга жакындаганда ыргытат. Аркандын тоголок чөөмөгү барып жылкынын мойнуна түшкөндө тартат, жылкы мууна баштайт да токтоп калат.

Азоо жылкыларды кармоонун дагы бир жолу – кылтак салуу. Кылтакты кээде таман тузак деп да аташат. Аркандын учу тегерек болуп чөөмөк байлануу жолу даярдалат. Кылтакка айдаган жылкынын буту кылтакка (тегерек тузакка) түшкөндө тартып, кармап алышат.

Мамы - мингич ат байлануучу казыктын чоңу. Өтмө мааниде айтканда, минип-түшөөргө, мамыга байланаар аты барбы? “Куу мамы эмеспи, мал-салы кандай”? “Томаякта ат болбойт”, “Эр жигит минген аты менен”. Айтор, мына

manas-discovery.kg

ушул сыяктуу ой-пикирлерди ичине камтып турат. Мамы үйгө жакын жерге 2 кулачка чейинки өтө жоон жана ичке эмес, 1-2 муунагы бар карагайдан, кара жыгачтан же арчадан жонуп жасалат. Ал токмок (жыгачтан жасалган барскан) менен жерге кагылат. Мамыдагы жылкы «казык боош» чалынат же «күрмөп байланат. Мамы үйгө келген меймандын атын жана мингич аттарды байлоо үчүн колдонулат. Малы жок киши мамы тургузбайт. Таш мамы, жыгач мамы болуп бөлүнөт. Мамынын эң барктуусу катары арча мамы эсептелет.

Ат байласак, мамы жок,
Тирүү эмессиң жаның жок,
Башында бир тал кылың жок,
Көмүрдөн башка чырың жок,
Баатырсыңбы, Сары Таз? [11, 56-б].

Жоокерчилик заманда, жоо келгенде шар атанып кетиш үчүн аттарды боз үйдүн кырчоосуна да байлап коюшкан. Ошондой эле мамыдан мамыга аркан тартылып же шырык орнотулуп, бир нече аттарды тартылган кермеге да байлашат. Мисалы, элдик чыгармаларда мындай сүрөттөлөт.

Тушоо – бул аттын буту аркан же атайын жасалган кайыштан жасалган жип салып байлоо. Жылкынын эки алдыңкы бутуна тушоо же чидер салынат. Тушоо бул муктаждыктан келип чыккан. Жалгыз бир, эки жылкыны үйдөн үйүр издеп алыс кетип калбасын деп тушашат. Көбүнчө алар мингич аттарды пайдаланган. Жоош болсо эки буттан, азоо болсо үч буттан аркандап коёт. Себеби, азоо кезинде байланбаган жылкы үйүрүн издеп кетип калат. Эч жакка кетпесин десе үч буттан, кээде оттосун десе эки буттан тушайт. Ошондой эле, кайчы тушоо жолу да колдонулат. Кайчы тушоодо алдынкы бир, арткы бир бутунан оң, солунан кайчыланып байланат.

Тушоонун бир нече түрү бар, алсак, аттын оң бутун (аттанаар жагы) ноктонун чылбыры менен байлашат, аттын алдыңкы бутун тушайт, эки астынкы, арткы (аттанаар жагы) үч буту бир байланат. Мунун «өрөлөө» - деп да аташат.

Тушамыш кулун-тайлардын жал-куйругунан, топоздун кылынан, ошондой эле, койдун кылчык жүнүнөн эшилип жасалат. Башы туюк тегерекче, бир учу тоголок түйүлгөн болот. Аны даярдоодо кайыш да колдонулат. Экинчи башына жыгачтан тээк коюлат.

Чак этме – жиптин бир учу менен экинчи учу байланат.

Чидер – атты үч буттап тушоо үчүн, кайыштан өрүлүп жасалган тээктүү тушамыш. Аны өрүп же болбосо кайыштан кайып, эки же үч бутка ылайыктап, жоорутпагандай кылып жасайт. Үч бутка бириккен жеринин бир жагын илмек



кылат да, экинчи жагына мүйүздөн жасалган тээк жасалат. Отко койгондо, ат алыска кетпешине жол бербеш үчүн колдонулат. Жылкынын басып жүрүшүнө ыңгайлуу болушу үчүн, аталган жабдыктын ортосу чынжыр менен бекитилет. Чидердеги кайыштын бир жагы туюк болуп, экинчи жагы жыгачтан жасалган тээк менен бүчүлөнөт.

Онжондогон Тору аттын
Ээрин алып, жайдактап,
Чидер уруп бармактап.
Акканкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Булгары тердик, көк токум,
Жамбашына салынып,
А күнү катын Айчүрөк
Алп уйкуну салды эми [11, 110-б].

Өрөлөө – астынкы кол, арткы бутун чылбыр менен тушоо же чылбыр менен тизенин астына байлоо.

Бөгөжүлөө – жылкынын астынкы колун көтөрүп, тизесин бүгүп жип менен шакекче кылып тизеге кийирүү ыкмасы. Бээ саап жатканда, атты такалоо үчүн колдонулган.

Айдаргалоо – азоо бээни саарда камчыланар жагынын арткы бутуна илип, моюнга тартып илмек жип менен байлоо.

Куюшкандаштыруу – эки атты бири-биринин чылбырынан экинчи аттын куюшканына байлоо ыкмасы.

Шили өрөө – а тын эки колун колтугунун үстүнкү ыйык жалдын сөөрү жагынан алып тушоо ыкмасы. Мындай тушоо менен атты отко койгондо, узакка узап кете алган эмес. Анткени баскан сайын бутун оорутуп, алыс жака кетүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес.

Аркандоо – атты узун аркан менен казыкка байлап коюу. Ат аркандын узундугу жеткен жерге чейин казыктын тегерегиндеги отту оттойт.

Кыргыздар баккан жылкыларын ар кандай ыкмаларды колдонуу менен байлашат. Алардын негизгилерин келтирели.

- ✓ Аса байлоо – суутуп келген күлүктөрдү жерге оонатпаш, жаткызбаш, чөп жеп албашы үчүн аса байлашат.
- ✓ Аркандоо – жылкыны оттотуу үчүн казык кагып, узун арканга байлайт.
- ✓ Желеге байлоо – кулундар байланат.

manas-discovery.kg

✓ Күрмөп байлоо – өтө бышык бекем байлоо женил чечилип ылдам байланат. Эл ичинде кеңири колдонулат.

✓ Казык бош чалуу – бул байлоо казыкка, же мамыга ж.б.у.с. нерселерге байлоого ылайыкталган. Байлоонун өзгөчөлүгү, жип казыкка оролуп калбай байлаган жерде ошол казыкка мал тегерете басса кошо тегеренип туруу үчүн байланган.

✓ Чие байлоо – байланган жип чечилип кетпейт.

✓ Илмек байлоо – оңой-олтоң эле чечилет.

✓ Тушап байлоо – жылкы ээн-эркин басып кетпеши үчүн тушап коюшат.

✓ Чаян түйүн – түйүндүн өзгөчөлүгү байлаган ордунан жылышып кетбейт.

✓ Куюшкандаштыруу – эки атты бири-бирин чылбырлары менен куюшкандарынан байлоо жолу.

✓ Мамыга байлоо – минилип келген атты атайын жерге орнотулган жыгачка байлоо.

Жылкынын үстүнкү эринин толгоо, аны толгоонун себептери. Тамга же эн басууда, такалоодо, биринчи жолу ээр токууда, үйрөтүүдө, жашын тиши боюнча аныктоодо, ууру тишин чагып салууда жылкы кыймылдабай турушу үчүн жылкынын эрдин толгошот. Аны чорбулоо деп айтышат. Жылкынын үстүнкү эрдин толгоо үчүн камчы саптын бүлдүргөсү, канжыганын кайышы, чорбу (атайын аспап), кээде чылбыр колдонулат. Жылкынын эрдин өтө этияттык менен толгоо керек. Эгерде катуу толгоп койсо жылкы майып болуп калат.

*Жылкыны кулактоо.* Жылкыны бекем кармап туруунун бир түрүн кулактоо дейт. Азоо жылкыларга нокто, жүгөн саларда эки кулагынан, карылуу жигит жылкынын кулагын толгой кармайт. Кулагы анын таалуу жери болуп, абдан ооругандыктан жылкы кыймылдабай туруп берет. Бул нокто, жүгөн салып же матап байлаганга мүмкүндүк жаратат. Бул ыкма, айрыкча, кулундарды жаңы желеге байлап жатканда көп колдонулат. Чоң жылкы, же кулун көнүп, жоошугандан кийин кулактоонун деле кереги жок болуп калат. Жылкыны башка жеринен бекем кармоого, адамдын алы келбейт, ал эми кулактан алуу жеңил жана ыңгайлуу.

*Ноктолоо.* Малды байлоо үчүн нокто салынат. Бул жабдык кулундарды желеге байлоодо, жетелеп үйрөтүүдө, атты мамыга байлоодо колдонулат. Атчан киши кайсы жерге токтобосун, атты чылбырынан байлап коёт. Нокто жылкынын башына чакталып кайыштан жасалат. Ал жылкынын жаагын өйкөбөйт, жоорутпайт. Аркандан түйүп жасалган ноктонун түйүлгөн жерлери болсо, жылкынын башын өйкөп, жоорутуп коюшу мүмкүн. Мына ошол себептен, аркандан жасалган нокто узак мөөнөткө колдонулбайт. Ноктону



жылкынын башына салып, сагалдырык менен бекитет. Учундагы тогого чылбыр байланат.

Түнкүсүн кулун энеси менен оттогону кеткенде ноктосуз коё берилет.

*Жүгөн салуу.* Жүгөн, ооздук жана тизгинден турат. Темирден жасалган ооздугу аттын оозуна салынат да, эки жагына кайыш бекитилет. Ал аттын башын керек багытка буруу, токтотуу максатында колдонулат. Жүгөн негизи кайыштан жасалат. Атты отко койгон (чалдырган) мезгилде жүгөн аттын башынан шыпырылып же жүгөндүн ооздугу чыгарылып коюлат. Жүгөн жылкыны үйрөткөндө, мингенде бурганда, токтотккондо, бастырганда негизги мааниге ээ. Бул ноктого караганда өтө ыңгайлуу болот. Ал эми ноктонун негизинен минген атты байлоо үчүн гана колдонулат.

Жылкынын куйругун түйүү. Мине турган, күлүккө чапкан жана жоого атганган жоокерлердин аттарынын гана куйруктары түйүлгөн. Бул ишти кыштын күнү суу кечкенде, аттын куйругу суу болуп тоңуп, сынбашы жана жазында, ала-шалбыртта баткак чачырап, булганбашы үчүн жасашкан. Кыз куумайда, улак тартышта, ат чабышта жана башка ат оюндарында да, куйругун, көкүлүн түйүп чабышкан. Анткени, чабышка түшкөн ат тердегенде куйругу аттын чатына оролуп, ыңгайсыздык жаратпашы керек болгон. Жылкынын куйругун түйүүнүн түрлөрү: Чарт түйүү – «жолум ачык болсун» деген ырым менен куйруктун учу эле түйүлгөн. Каңтара түйүү – куйруктун учу өйдө карай түйүлөт. Жоого аттанарда ушундай түйүлгөн.

Айбандан бөлөк ат минип,
Ар кимиси бир бөлөк,
Кыл куйругун чарт түйүп [10, 34-б].

manas-discovery.kg

## СОГУМ

Согум – кыргыз элинин жашоосунда өзгөчө мааниге ээ. Кышка карата эт азыгын камдоо максатында союлган семиз мал "согум" - деп аталат. Кыргыз жергесинин кышы катаал жана узакка созулгандыктан, кеч күздөн баштап, ар бир үй-бүлө мүмкүнчүлүгүнө жараша бодо малдан согум союшкан. Жылкынын эти бөлөк малга салыштырмалуу өзүнүн калориялуулугу жана сиңимдүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турат. Жылкынын этин такай тамак-аш катары пайдаланып жүрүп, анан узак мезгил пайдаланбай калса, ар кандай оорулар менен ооруган учурлар кездешет. Кеч күздө союлган согум, жазгы үзүмчүлүккө (кээде "узун сарыга" деп да аташат) чейин жеткен. Кыштын күнү күчтүү тамак ичпесе, суукта адам чыдай албайт. Согумга көпчүлүк учурда жылкы союлган. Кыргыздардын пикиринде жылкынын этин жаңы сойгондо даамдуу болсо, уйдукун сүрсүгөндө жеген жакшы болот. Адатта согумга туу калган (кысыр калган) качанаак, тебенээк, азоо, картаң, кулуну өлгөн, майып, буту тойтук, мингенге жараксыз, үркүнчөөк, тиштээк карыган жылкыларды байлашат. Согумга көбүнчө беш асыйга чейинки жылкылар союлат, себеби, жашы өткөндөрүнүн эти катуу деп эсептешкен.

Аш, той өткөзүү кыргыздар үчүн чоң мааниге ээ. Аш-тойго, куда-сөөк, тууган, дос-тамыр катыштарын, ошондой эле, канатташ жашаган элдердин өкүлдөрү да чакырылат. Кыргыздар келген кишилерди тейлөөнүн деңгээлине, тартылган этке карап баа берип келишкен. Аш, тойдо союлган мал (малдын баалуусу катары жылкы эсептелет) жакшы, семиз чыкса үй ээсине же, бүтүндөй урууга барк алып келет. Жакшы өткөрүлгөн аш, той эл оозунда көпкө айтылып, жыйын-тойлордо анын жакшы, жаман жактарынын баары териштирилип айтылат. Ошондуктан ар бир кыргыз мындай ишке абдан жоопкерчилик менен мамиле кылат. Баатырлардын же аты чыккан адамдардын аш-тоюнда, хан көтөргөндө ж.б.у.с. ак тилек менен "ак-боз бээ" союшкан.

Союлуучу жылкылар тууралуу маалыматтарды эпостон да табууга болот:

Аксарбашыл кой чалды,
Ай туякка бээ чалды,
Ай мүйүзгө уй чалды,
Айры өркөчкө төө чалды [7, 22-б.].

Бээ баштаган беш тогуз,
Кармап тойго союшту,



Бакандары майышты
Балбаны атчан сайышты [11, 125-б.].

...Бээ баштаган беш тогуз
Тилекке кармап сойду эми,
Төө баштаган төрт тогуз
Назырга байлап койду эми...
...Калың жаткан далай бээ
Даам берүүгө сойду эми [1, 105-б.].

Аш-тойго, согумга, семиз, чоң, көбүнчө, бир асыйдан беш асыйга чейинки, жашы толгон, тууралжын келген, бат семире турган, субай жылкылар даярдалат. Беш асыйдан жогоркулардын эти кара көмөк болуп, казысы саргыч чыгат. Ошондой эле, кысыр калган, кулуну өлгөн бээлерди, үйүргө жарабаган айгырларды атайын семиртип согумга даярдашат. Кээ бир убакта ашы өтө турган кишинин өзүнүн минип жүргөн атын, ээсиз калды деп союшкан. Андан сырткары байланбас кулун (энеси саалбаган, жайы менен ээн эркин энесин ээмип жүргөн), кысыр эмди тай (кулун кезинде да, кийинки жылы да энеси кысыр калып эмген тай) ар кандай керектөөлөргө союлат. Мындай тайлар семиз болуп, эти жумшак сиңимдүү болгондуктан, сыйлуу конокторго, тойлордо союлат.

Согумга даярдалган эркек малды минип койбосун деп жал, куйругун кыркып жайлоого коё берет. Жал, куйругу "тонолгон" жылкыны ууру да албайт. Себеби, бул жамандыкка союла турган мал деп билишет. Жал-куйругу кыркылган жылкы арданып жакшы семирет дешет. Мингич ат болсо, такасын алып салып, андан соң жайлоого чыгарат. Ургаачы жылкылардын жал, куйругу кыркылбайт. Кулуну болсо кулунунан ажыратып, чоң төргө коё берет. Мурда кыргызда малды семиртүүнүн жалгыз эле ыкмасы болгон, ал жайытка жайын жеп келсин деп, суусу мол, чөбү күчтүү, жагымдуу жайлоолордо, салкын, чоң төргө коё берип семиртишкен. Жылкы баласы 40-60 күндө семирип, союга жарактуу болуп калат.

Согумга байланган жылкыларды караңгы сарайдагы аштоодон чөп, жемин, суусун, тузун үзбөй берүү менен байлашкан. Эң негизгиси, "шырп" – деген дабышты укпай, эч нерсеге алаксыбай, үркпөй-коркпой тоютануусу зарыл. Мындай шарттарда байланган жылкылар бир айда бир эли казы майын кошоору аныкталган.

Жылкынын семиздигин казысынын калыңдыгына карап баалашат. Ал колдун манжалары менен өлчөнөт да "эли" – деп аталат. Жылкынын ичин жаргандан кийин, "бир эли", "эки эли" чыкты деп айткандарын азыр да угууга болот. Төрт эли казы чыккан учурда "таман" чыкты деп коюшат.

manas-discovery.kg

Жылкынын семиздигин аныктоо да өзүнчө бир өнөр жана анын семиздигин аныктоонун да ар кандай жолдору, белгилери бар. Жылкынын семиздигин жалын, кабыргасын, куйруктун түбүн, соорусун, сүбөсүн кармалап аныкташат. “Соорусу чөйчөктөй”, “жалы чоргодой болуптур”, “кабыргасына муз жааптыр” – деп айтышат. Жону ыйык жалдан куйрукка чейин түз болсо, жылкы семиз болот. Толорсук эти толсо “камчы эти толуптур” – деп коюшат. Жылкынын эттүүлүгү терисинен, көзүнөн жана сырткы көрүнүшүнөн да билинет. Семирген жылкынын териси жалтырап, көзү ойноктоп, сергек болуп, чунандап турат. Жылкынын семиргенин жалы боюнча да аныктаганда баш менен моюндун кошулган жериндеги жалдын бүткөн чегин кармап байкайт. Эгер кап-катуу болуп калса, “жалы жүгөн катарга чейин келиптир” - деп коюшат. Кармаганда жалы солкулдак болуп, колго толуп калса семиргендигинин белгиси болот. Жалы “чоргодой” же “түпкүч жал болуптур” – деген жылкынын өтө семиз экендигин туюндурат.

Караламан мал эмес,
Казанаттан туулган.
Буйнат болгон шамалдан,
Алтай жайы оттосо,
Камчы саптай жал алган.
Эрге ылайык жакшы аттар
Насипке бир жаралган – деп эл оозунда айтылат.

Сооруну элибизде “сая” – деп да атап коюшат. Өтө семиз жылкынын арт жагынан туруп караганда, соорусу эки бөлүнүп өз-өзүнчө көмкөргөн эки казандай толуп, үстү түп-түз болуп калат. Ортосунан жик кеткендей болуп бөлүнүп турат. Семире элек жылкынын соорусунун ортосундагы жиги билинбейт. Бирок сооруунун эти толук, барган сайын ортосу билинер-билинбес көтөрүлүп, чет жактары ылдыйлай берет. Үч кошкондун ортосу чуңкурайып, (“чөйчөк алыптыр” деп коёт) чычаң ылдый кирип, эки жамбаш көтөрүлүп чыгып калат.

Камчы эти толук деп толорсукту карап да аныкташат. Дагы бир ыкма, жону боюнча аныктоо, дененин бул бөлүгү түп-түз, капчыктуу, эти толук болгондо “жон алыптыр” – деп коюшкан. Ургаачы жылкыны өтө семиртүү керек болсо, бир-эки жыл айгыр жолотпой коюш керек. Жылкынын семиздигин кабыргасы боюнча аныктоо үчүн аны сыйпалап көрүшөт. Кабырганын тышы калыңдап кол менен кармаганда килкилдеп, сөөгү билинээр-билинбес сезилип турса, жиктери эт майга толуп билинбей калса, семиргенин белгиси болуп саналат. Сүбөөнү кармаганда, колго байкалбаса, “кабыргасын муз жааптыр”, “таман болот” – деп жылыкынын семиргендигин аныкташат.



Жылкынын семиздүүлүгүнүн чен белгилери эл арасында мындай чечмеленет:

Кара эти толук – арыгыраак деген сөз

Бычак сырты - казы жок деген сөз

Сары чак – жаңы май алган кез

Булут (чыпалакка жетпейт) - май катмары билинер-билинбес, жука май каптаган кез

Чычалак же чыпалак – казысы бар эттүү (казы чыпалак көлөмүндө) мал

*1 жоон элини* кишинин манжалары менен эсептейт

*2 жоон эли* - эки манжа

*3 жоон эли* - үч манжа

*Таман* – 3 жоон элиден ашканы – төрт манжа

*Сере* – тамандан ашканы. Бул эң жогорку семиздик.

Эркек жана ургаачы жылкылардын семиздигинде бир топ айырмачылыктар болот. Ургаачы жылкынын казысы, картасы калың, жоон, майлуу, эти жумшак болот. Ал эми эркеги канчалык семиз болсо да, казысы жукараак, картасы ичкерээк, эти катуураак келет. Жашына жараша да айырмаланышы мүмкүн. Эркек жылкыга караганда ургаачы жылкы семизирээк келет. Согумга даярдалган эркек малдан, кысыр калган бээ семиз болот. Эркек жылкылар сыртынан семиз көрүнгөнү менен көп учурда арык болуп калат. Ургаачы жылкы эч качан алдабайт. Эркек малдын эти катуу болуп көптө семирет, ал эми ургаачы малдын эти жумшак болот. Ургаачы малдын семиз болгонунун себеби, эркек жылкы ара чолодо минилип калат. Ал эми ургаачы мал минилбей, байлоого койсо ошол бойдон турат. Эркек жылкы азыраак май топтоп, эт кармайт, ургаачысы майды көп кармайт. Эркек жылкынын эти көпкөлөң келип, көөп турат, аны жел деп коёт, учасында чөйчөк пайда болмоюн семиз деп айтуу кыйын.

manas-discovery.kg

# ТӨРТ ТҮЛҮК МАЛГА БАЙЛАНЫШТУУ КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕ АЙТЫЛГАН ТЫЮУЛАР, МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Кыргызда «төө - салтанат, уй – көнөк, жылкы – үч мас («ырахат» - деген сөз)» - деп айтылат. Үч мастын чечмелениши төмөнкүчө: тай тебишип, ойноп турса бир мас, жайкалып жакшы атка минип баратса эки мас, кымызын ичип кызыса үч мас делет. Жакшы ат адамдын зоболосун көтөрүп турат.

Жылкы баласы түнкүсүн адашпай короосун таап келет. «Кулагында шамы бар» - деген сөз ошондон калган. «Ак жылкынын чаңы урсун» - деп байыркы жоокерлер бири-бири менен антташкан. Жоодон жеңилген жакты бүт олжологондо «камчыга ченеп бөлүшүп» - деп айтылган, аны төмөнкү чыгармалардан даана байкоого болот.

Каптап душман келиптир,
Кан талоосу эң азап,
Караламан кыргызды
Камчыга ченеп бөлүптүр [8, 47-б].

Кыргыздын эски адатында эки киши достошкондо ант беришкен. Эгер достуктан тайса «аксак сары атыңды минип кал» - деп каргашкан.

Эр жигит минген атын сылап-сыйпап, мыкты багып минген. Кууса куткарбас, качса жеткирбес, жанга өлчөлүү мыкты аргымак күтүш менменсиген азаматтардын тилеги болгон.

Мал короого даарат ушатпа.
Малды теппе.
Малды темир менен чаппа.
Союлуучу малды кыйнаба.

Мал короону таза тутуу аркандай жугуштуу оорулардын алдын алуу экенин илгертен эле билишкен. Байыртан эле мал чарбасы негизги чарба болгондуктан элибизде илгертен малга өзгөчө мамиле орун алып келген. Малды жылкы, уй, топоз, кой, эчки жана төө деп төрт түлүккө бөлүшкөн. Мал айдаганда колунда бир нерсе болушу абзел: жылкы айдасаң - камчы же укурук, өгүз минсең - шапалак, уй-топоз, кой-эчки айдасаң – таяк же шапалак. Ал эми малды тебүүгө же темир менен чабууга тыюу салынат.



Малдын аркасы менен жашап жатып аны бутуң менен тебиш, бери болгондо текеберлик, ары болгондо айбандык. Малды тепсең – томаяк (малсыз кедей) болуп каласың деген ишеним бар. Темир менен чапсаң малыңды мертинтип алышың ыктымал. Союлуучу малды кыйнабай сой. Мисалы, сойчу коюнду жүндөбөй карма, анткени кармаган жериң канталап калат. Бата тилегенде минип алба. Ансыз да аны союп жатпайсыңбы. Мисалы, туюк, караңгы жана абасы алмашып турбаган жерге камап алып ташыганда малдын өтө кыйналганын, көп учурда өлүп калганын көрүп жүрөбүз. Малдын да туюп-сезүү органдары бар тирүү жан экенин эсиңден чыгарба. Кыйналган малдын эти жашып каларын да унутпа.

Минген атыңды башка чаппа, ат жалына бутуңду артпа.

Ээрге тетири минбе.

Ээрге тетири минсең ишиң тетири кетет, Камбар-Атанын кусуру урат дешет.

Атыңды башка чапсаң жолуңдан адашасың деп коюшат.

Кыргыз эли жылкы баласын, минген атын абдан урматтаганын «ат – адамдын канаты», «ат сыйлаган жөө баспайт, эр сыйлаган эшикке жатпайт», «атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны» сыяктуу макал-лакаптарынан билсе болот.

- Ат - адамдын канаты.
- Ат сыйлаган жөө баспайт.
- Жорго минген жолдо, күлүк минген күндө өсөт.
- Жаман атка жал күтсө, жанына торсук байлатбайт.
- Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы.
- Ат жалына казан ас.
- Эркенин жашы кургабайт, жоргонун тери кургабайт.
- Ат - адамдын канаты, атың барда жер тааны.
- Ат-аттан кийин жат.
- Жылкыңа карап ышкыр.
- Ат арыткан арзан.
- Ат башына күн түшсө ооздугу менен суу ичет.
- Ат аяган жер карайт.
- Байтал бээнин бал кымыз.
- Эки бээң болсо эл багасын.
- Атын барда жер тааны, атаң барда эл тааны.
- Ат баспайм деген жерин үч басат.
- Жоокерчилик замандагы мүлктүн эң кымбаттуусу, кадырлуусу аттын күлүгү болгон: «Жанга өлчөгөн атым эле» деген сөз ошондон калган.
- Эрдин куну, эриштин айыбы» - деп кыздын калыңы бир күлүк менен бүткөн күндөр көп болгон.

manas-discovery.kg

- Жылкыны эр багат, койду кары жок кара жер багат.
- Жүздөн жүйрүк чыгат, миңден тулпар чыгат.
- Эрдин куну Эриштин айыбы болбосо чаң тийбес.
- Желдей болуп жүргөндөн жылкы болгон.
- Айгыры ала болсо, кулуну кула болот.
- Кулун сындуу ат, бала жыттуу кыз болсо.
- Карып калган катындан эрөөлгө чыгар эр туубас, карып калган бээден кайкуулга минээр ат туубас.
- Ат ээси менен, баш мээси менен.
- Эр жигит бирде мырза, бирде кул, күлүк ат чапса күлүк, сатса пул.
- Ат сүрүнбөй жер таанбайт, эр сүрүнбөй эл таанбайт.
- Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар.
- Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы.
- Атың барда жер тааны, атаң барда эл таны.
- Акыр заман – аттан ажыраган жерде.
- Ат адамдын канаты.
- Таяк тайга жеткирет, таба атка жеткирет, ат муратка жеткирет.
- Ат башына күн түшсө оздук менен суу ичет, эр башына күн тууса өтүгү менен суу кечет.
- Айгырды кандай салсаң, айгырды ошондой минерсиң.
- Жата берсе ат арыйт, жүрө берсе жол арбыйт.
- Аты жоктун буту жок.
- Элин сагынбас эр болбос, үйүрүн сагынбас ат болбос.
- Ат сыйлаган жөө баспас, эр сыйлаган эшикте калбас.
- Адам сүйлөшкөнчө, айбан кишенешкенче.
- Жакшы аттын жалын сакта, жакшы эрдин кадырын сакта.
- Байге аты каралаш, азууларын аркайткан ат башына күн тубар, мураттарын шыйпайткан эр башына күн тубар.
- Атты арыгында көр, эрди карыганда көр.



# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 1-китеп / С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылыш. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 448 б.
2. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 2-китеп / С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылыш. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 296 б.
3. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 3-китеп / С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылыш. – Бишкек: Кыргызстан, 1998. – 788 б.
4. Манас: Эпос / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 248 б.
5. Манас: Эпос / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 260 б.
6. Манас: Эпос / Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча; Китеп III. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 348 б.
7. Манас: Эпос / Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча; Китеп III. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 348 б.
8. Манас. Биринчи бөлүк. / Кыскартылып бириктирилген вариант. I китеп – Фрунзе: Кыргызмамбас. – 1958. – 302 б.
9. "Манас" энциклопедиясы. – Бишкек: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. 1-том. – 440 б.
10. "Манас" энциклопедиясы. – Бишкек: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. 2-том. – 432 б.
11. Семетей / "Манас" эпосунун экинчи бөлүгү. III китеп. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1959. – 323 б.
12. Сейтек / "Манас" эпосунун үчүнчү бөлүгү. IV китеп. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1960. – 265 б.
13. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, "Турар", 2013. – 896 б.
14. Кыргыз элинин уюткулуу сырлары: Жылкы / Түз. Айтматов М.Б. ж.б.. – Бишкек: "Кут-Бер", 2013. – 112-б.

manas-dictionary.kg

# МАЗМУНУ

Киришүү........................................................................................................ 3
"Төрт түлүк"..................................................................................................... 5
Жайыттарды пайдалануунун салттуу ыкмалары.............................................. 9
Мал төлдөтүү.................................................................................................... 13
Көчмөндөр үчүн малдын орду............................................................................ 13
Жылкыны салттуу ыкма менен баалоо.............................................................. 22
Саяпкерлер жана сынчылар............................................................................... 37
Күлүк, жорголорду тандоо................................................................................. 41
Жылкынын үйүргө кошуу.................................................................................. 43
Жылкыны кармоо, байлоо жана тушоонун салттуу ыкмалары......................... 45
Согум................................................................................................................. 50
Төрт түлүк малга байланыштуу тыюулар, макал-лакаптар.............................. 54
Колдонулган адабияттар.................................................................................... 57

manas-discovery.kg



**Айтматов Мураталы Бекматович-**
– ветеринария илимдеринин доктору, профессор. К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Биомаданий ар түрдүүлүк борборунун жетекчиси



**Ботоканова Гульнара Топчуевна -**
философия илимдеринин доктору, профессордун м.а. К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Биомаданий ар түрдүүлүк борборунун билим берүү компонентинин координатору



**Шералиева Анара Жолдошбековна –**
педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Биомаданий ар түрдүүлүк борборунун студенттик компонентинин координатору

Китептин мукабасында Т. Герцендин сүрөтү пайдаланылды